Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Тоо

WWW.ERKIN-TOO.KG | Шейшемби, 2022-жылдын 19-июлу | №63 (3398)

ҮЧ ЭМ ТӨРӨЛГӨН ҮЙ-БҮЛӨГӨ БАТИР ЖАНА АВТОУНАА БЕРИЛДИ

Канат Абдылдаев менен Айбарчын Бегалиевалар үч эмдүү болушту. Бул аз камсыз болгон үй-бүлөгө эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министри Кудайберген Базарбаев 18-июлда президенттин атынан белек катары Балыкчы шаарынын так ортосунда жайгашкан, бардык шарттары бар батирдин ачкычын тапшырды. Мындан сырткары жеңил автоунаа жана 150 миң сом берилди. Үч эмдин ата-энеси К.Абдылдаев менен А.Бегалиеванын буга чейин өз үйү болгон эмес. Алар аз камсыз үй-бүлө катары Тоң районундагы социалдык камсыздоо башкармалыгында каттоодо турушчу. К.Базарбаев Мамлекет башчысы социалдык камсыздоо багытына өзгөчө көңүл буруп жатканын белгиледи.

КАРЫЗ КАЙТАРЫЛУУДА

«Электр станциялар» ишканасынын маалыматы боюнча 18-июлда Токтогул суу сактагычында суунун көлөмү 12 млрд 699 млн куб метрге жетти. Бул былтыркы ушул маалга караганда 1 млрд 175 млн куб метрге көп. Июлда тоодон түшкөн суунун орточо агымы секундасына 794 куб метрге жетти. Мамлекеттик ишкана азыр Кыргызстан кышында Казакстан менен Өзбекстандан алган электр кубатын кайра кайтарып жатканын билдирди.

КҮН КАТУУ ЫСЫЙТ

Кыргызстандын аймагында беш күн бою күн аябай ысып, аба кургак болорун Кыргызгидромет борбору билдирди. Маалыматка караганда, 20-25-июль күндөрү абанын күндүзгү температурасы Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын өрөөндөрүндө 42, Чүйдө 41, Таласта 39, Ысык-Көлдүн ойдуңунда 34, Нарындын дыйканчылык аймактарында 29 градуска чейин жогорулайт. Адистер мындай кургак жана ченемден тыш ысык аба ырайы учурунда күн ачык тийген жерлерге көп чыкпоону, айыл чарба өсүмдүктөрүн кургатпай сугарып туруу зарыл экенин эскертүүдө.

ОКУУЧУЛАР PISA СТАНДАРТЫ БОЮНЧА ОКУШАТ

“PISA–2025 изилдөөсүнө катышуу – Кыргызстандагы жалпы билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун жолу” аттуу жайкы мектепте окутуулар башталды.

Окуулар 17-27-июль күндөрү өтөт. Жайкы мектеп Кыргызстанда алдыдагы “PISA-2025” эл аралык изилдөөсүнө катышууга байланыштуу иштерди уюштуруу жана өткөрүү максатында уюштурулган. “Окуу жүктөмдөрүн азайтып, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, маалыматтык технологияларга басым жасап, билим берүүнү заманбап стандарттарына шайкеш келтирүү зарыл. Мугалимдерди PISA стандарттары боюнча окутуулар башталды. Алар сентябрдан баштап окуучуларды ушул стандарттарга ылайык окутуп башташат”, - деди билим берүү жана илим министри Алмазбек Бейшеналиев жайкы мектептин ачылышында.

Шарт өзгөрдү, депутаттардын ишичи?..

Бекмурза ЗУЛУЕВ:

"Заманбап шартта билим беребиз"

Айнагүл БАЗАРБАЕВА:

“Алыска эми учамын...”

БОРБОРДУК АЗИЯ МАМЛЕКЕТ БАШЧЫЛАРЫ ЖОЛУГАТ

Ысык-Көл облусунун Чолпон-Ата шаарында 20-21-июлда Борбордук Азия мамлекет башчыларынын Консультативдик жолугушуусу өтөт.

Жолугушууга КР Президенти Садыр Жапаров, Казакстандын Президенти Касым-Жомарт Токаев, Тажикстандын Президенти Эмомали Рахмон, Түркмөнстандын Президенти Сердар Бердымухамедов, Өзбекстандын Президенти Шавкат Мирзиёев катышат. Борбордук Азия мамлекеттеринин башчыларынын кезектеги Консультативдик жолугушуусунда регион өлкөлөрдүн ортосундагы достукту, ынак коңшулаштыкты жана кызматташтыкты чыңдоого багытталган документтерге кол коюу пландалууда. Мындан тышкары, Президент Садыр Жапаров айрым өлкөлөрдүн лидерлери менен эки тараптуу жолугушууларды өткөрөт.

ТЕХНИКАЛАР ТАПШЫРЫЛДЫ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров райондордун жана шаарлардын мэрияларынын өкүлдөрүнө тиричилик таштандыларын чыгаруучу атайын техникаларды тапшыруу аземине катышты.

Ал айлана-чөйрөгө аяр мамиле жасоого чакырып, өлкөнүн калктуу конуштарын таза кармоонун маанилүүлүгүн белгиледи. Ошондой эле “Бүгүн бир катар муниципалдык кызматтар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары биринчилерден болуп 22 даана атайын техниканы алышат. Жакынкы жылдары мындай техникалар менен бардык аймактар камсыздалат” деп айтты.

Эске салсак, техника Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин көмөгү менен сатылып алынган.

БИРДИКТҮҮ ЭЛЕКТРОНДУК ПОЧТА СИСТЕМАСЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

Бирдиктүү электрондук почта системасы жөнүндө жобо бекитилди. Тийиштүү чечимге Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров кол койгон.

Аталган чечим аткаруу бийлигинин органдарына Бирдиктүү электрондук почта системасын орнотууга, КРнын Президентинин 2020-жылдын 17-декабрындагы №64 “КРнын мамлекеттик башкаруусуна санариптик технологияларды киргизүүнү активдештирүү боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө” Жарлыгын аткарууга багытталган. КРнын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу “Инфоком” мамлекеттик ишканасы Бирдиктүү электрондук почта системасынын техникалык оператору болуп аныкталды. Белгилей кетсек, gov.kg домендик зонасында Бирдиктүү электрондук почта системасын түзүү мамлекеттик органдардын электрондук почта даректерин унификациялоого, бекитилген талаптарга жооп берген ведомстволук электрондук почта тутумун түзүү үчүн программалык-техникалык каражаттарды кошумча сатып алууну жана орнотууну четтетүүгө мүмкүнчүлүк берет.

ЖОГОРКУ ДЕҢГЭЭЛДЕГИ ФОРУМ

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов 2022-жылдын 5-июлунан 18-июлуна чейин Нью-Йорктогу БУУ штаб-квартирасында өтүп жаткан БУУнун Экономикалык жана социалдык кеңешинин (ЭКОСОС) алдындагы Туруктуу өнүгүү боюнча жогорку деңгээлдеги саясий форумга катышты.



Ал БУУ Европа экономикалык комиссиясынын (ЕЭК) регионду үчүн туруктуу өнүктүрүү боюнча аймактык форумунун төрагасы катары “Аймактардан келген билдирүүлөр” сессиясында баяндама жасады. Өз сөзүндө Э.Байсалов ТӨМгө жетишүү үчүн прогрессти тездетүүнүн маанилүүлүгүн белгилеп, БУУ ЕЭКтин регионду туруктуу өнүгүү чөйрөсүндө биримдикти түзүү, макулдашылган саясатты жана өз ара үйрөнүүнү жогорулатуу платформасы катары ролун белгиледи.

Ошондой эле “2030-жылга карата ТӨМгө жетишүүнү тездетүү: кризистерди жана кыйынчылыктарды жеңүү” темасындагы Министрлердин тегерек столуна катышты. БУУнун башкы трибунасынан Кыргызстан эл аралык туруктуу өнүгүү күн тартибин жана “эч кимди артта калтырбоо” глобалдык милдеттенмени ишке ашырууга умтуларын билдирди. Туруктуу өнүгүү максаттары мамлекеттик өнүгүүнүн негизги документтерине интеграцияланганы баса белгиленди. Ал Кыргыз Республикасынын тоо күн тартибиндеги демилгелерине кеңири токтолду.

Эске салсак, Туруктуу өнүгүү боюнча жогорку деңгээлдеги саясий форумдун жыйынтыгы боюнча Министрлик декларация кабыл алат. Анда кыргыз тарап Тоолорду туруктуу өнүктүрүүнүн эл аралык жылын жана тоо экосистемаларын сактоонун маанилүүлүгүн белгилөө бөлүгүндө эки чечүүчү пунктту камтый алды.

Эдил Байсалов бул саясий форумга катышуу менен бир катар эки тараптуу жолугушууларды өткөрдү. БУУ Башкы катчысынын орун басары, БУУ Өнүктүрүү программасынын администраторунун орун басары Уша Рао-Монари менен жолугуп, эл аралык кызматташтыктын учурдагы актуалдуу маселелерин талкуулашты.

“КЫТАЙ – КЫРГЫЗСТАН – ӨЗБЕКСТАН” ТЕМИР ЖОЛУ

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары, Евразия экономикалык комиссиясынын кеңешинин Төрагасы Адылбек Касымалиев Евразия экономикалык комиссиясынын кеңешинин кезектеги жыйынын Беларусь Республикасынын Витебск шаарында өткөрдү.

Бул жыйында 25 маселе каралды. Анда Евразия өкмөттөр аралык кеңешинин “ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин транспорт чөйрөсүндөгү артыкчылыктуу интеграциялык инфраструктуралык долбоорлордун тизмеси жөнүндө” буйругунун долбоору жактырылды. Бул тизмеге Кыргыз Республикасынын “Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жолунун курулушу” жана “Луговая – Балыкчы” темир жол участогун электрлештирүү” долбоорлору кирет. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын демилгеси боюнча тамеки буюмдарынын айрым түрлөрүнө маркировкалоону киргизүү маселеси каралды. Евразия экономикалык комиссиясынын Кеңешинин чечимдери менен: транс чек аралык рыноктордо атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузуу жөнүндө иштерди кароонун Тартибине жана атаандаштыктын абалына баа берүү иш тартибине өзгөртүүлөр киргизилди; 2022-жылдын 25-26-августунда Чолпон-Ата шаарында өтө турган Евразиялык өкмөттөр аралык кеңештин жыйынынын күн тартиби бекитилди. Эске салсак, Евразия экономикалык комиссиясынын кеңешинин кезектеги жыйыны 2022-жылдын 19-августунда видеоконференцбайланыш түрүндө өтөт.

ОТЧЕТТУК ЖУМАЛЫК БАШТАЛДЫ

Мамлекеттик органдардын жетекчилеринин 2022-жылдын биринчи жарым жылдыгы үчүн отчеттук жумалыгы башталды.

Нөөмөткө ылайык, 2022-жылдын 18-28-июлуна чейин тармактык мамлекеттик органдардын жетекчилери 2022-жылдын 6 айында аткарган иштердин жыйынтыктары, алдыга коюлган милдеттери жөнүндө ЖМК өкүлдөрү, активистер жана блогерлерге маалымат берет. Ички иштер министри Улан Ниязбеков, өзгөчө кырдаалдар министри Бообек Ажикеев 18-июлда медиа коомчулуктун өкүлдөрү менен жолугушту. Бүгүн 19-июлда Санариптик өнүктүрүү министрлигинин, Айыл чарба министрлигинин, Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин, Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги сыяктуу мамлекеттик органдардын жетекчилери жолугушат. 20-июлда финансы министри А.Бакетаев, экономика жана коммерция министри Д.Амангельдиев, 25-июлда Билим берүү жана илим министрлигинин, Саламаттык сактоо министрлигинин, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин, Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин жетекчилери жана Тышкы иштер министри Ж.Кулубаев маалымат берет. 26-июлда Министрлер Кабинетинин карамагындагы мамлекеттик органдардын жетекчилери: Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги, Интеллектуалдык менчик жана инновациялар боюнча мамлекеттик агенттиги, Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги жана Социалдык фонду жолугушат. 27-июлда энергетика министри Доскул Бекмурзаев, коргоо министри Бактыбек Бекболотов жана юстиция министри Аяз Баетов журналисттер менен жолугушууга катышат. Жолугушуулар бейформал шартта өтөт. Алгач биринчи жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча бет ачар сунушталып, андан соң ЖМКнын өкүлдөрүнүн суроолоруна жооп беришет.

ЭЛ ӨКҮЛҮ ЭЛ МЕНЕН

Жогорку Кеңештин депутаты Эльвира Сурабалдиева 18-июлда Бишкек шаарынын Биринчи Май районунун акими Максатбек Сазыкулов менен биргеликте Сыдыгалиев жана Волкова көчөлөрүндө жайгашкан аскер шаарчасынын тургундары менен жолугушту.

Анда чыгымдарды, отчеттуулукту жеңилдетүү жана үй деңгээлинде өзүн-өзү башкарууну жөнөкөйлөштүрүү үчүн турак жай менчик ээлеринин жамааттарын (ТСЖ) түзүү маселелери талкууланды. Мындай жамааттар аркылуу жашоочулар короолорду жана подъезддерди оңдоого, көрктөндүрүүгө грант алууга кайрылып, чыгымдарды көзөмөлгө алууга мүмкүнчүлүк болот. Андан тышкары, таза суу менен камсыз кылуу, балдар аянтчасын, сейил бактын аймагын уюштуруу жана жарыктандыруу маселелери боюнча пикир алмашуу болду.

Даярдаган
Жазгүл КАРБОСОВА

Алты айдын арымы

ШАРТ ӨЗГӨРДҮ, ДЕПУТАТТАРДЫН ИШИЧИ?..

Жетинчи чакырылыштагы парламент толук 6 ай иштеп, жайкы тыныгууга кетти. Эске салсак, Жогорку Кеңешке шайлоолор 2021-жылдын 28-ноябрында өтүп, 29-декабрда жетинчи чакырылыш өз ишин баштаган.

Алты ай аралыгында жетинчи чакырылыштын депутаттары 33 жалпы отурум өткөрүп, 41 мыйзам, 276 токтом кабыл алды. Мындан тышкары парламенттин жарым жылдык ишмердигинде жарандардан түшкөн 7628 кайрылуу каралып, 6000ден ашуун жолугушуулар, конференция, тегерек столдор жана парламенттик кызматташтык алкагында 33 жолугушуу өткөрүү менен жыйынтыкталды. Булар туурасында Жогорку Кеңештин Төрагасы Талант Мамытов акыркы жыйында сүйлөп жатып белгилеп өттү.

Биринчи сессияда кабыл алынган 41 мыйзамдын катарында жол тармагын жакшыртуу, мамлекеттин экономикалык кызыкчылыктарын коргогон жана коомдук маанидеги бир катар мыйзамдар бар. Ошондой эле борборубуз Бишкектин коомдук транспорту жана экологиялык абалын жакшыртууга байланыштуу мыйзам жактырылып, бул багытта иштин башталышына жашыл жарык берилгенин белгилөөгө болот. “Бишкек автобустары” долбоору боюнча Кыргыз Республикасы менен Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын ортосунда борбордун автопаркын жаңылоо үчүн кредиттик жана гранттык макулдашуусуна ылайык жеңилдетилген шартта 33 млн евро берилмекчи. Анын 25 миллиону кредит, 8 миллиону кайтарымсыз каражат. Бул каражаттарга экологиялык жактан таза жана үнөмдүү, сыйымдуулугу чоң 250 автобус сатылып алынмакчы. Мэрия тараптан да шаардык транспорт маселесин чечүү багытында иштер жүрүп жатканы белгилүү. Шаардык транспорт маселесин чечүү бүгүнкү күндүн актуалдуу маселеси экендиги калетсиз.

Мындан тышкары биринчи сессияда “Кыргыз Республикасында жер көчкү тобокелдиктерин башкаруу” долбоору боюнча да макулдашуу ратификацияланды. Жер шартыбыз боюнча бул маселе да олуттуу көйгөй болуп келет. Макулдашуу мыйзамына ылайык Азия өнүктүрүү банкы 39 млн доллар акча бөлүп, анын 25,3 млн доллары грант түрүндө берилмекчи. Бул каражаттарга 3 млн чарчы метр аянттагы тоо кыркалары түшүрүлүп, 40 чакырымга жакын кургатуучу арыктар тартылат. 20 тилкеде жер көчкү кубулуштарына онлайн байкоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүчү көп деңгээлдүү мониторинг системасы түзүлөт.

Мыйзамсыз жер тилкелерин ээлеп, үй салып алышкандардын маселеси канча мезгилден бери өлкөбүздө олуттуу көйгөй болуп чечилбей келген. Алардын салып алган үйлөрүн түртүп салууга эч ким батынбай келди. Ошол эле учурда бул көйгөйдү ачык айтып, “ары карап ыйлап, бери карап күлүп”, алардын жер укугун таануурга да эрк жетпеди. Бул жагынан Президент Садыр Жапаров бүт жоопкерчиликти өзүнө алып, миңдеген үй-бүлөлөргө ажаат ачып, карапайым калктын көңүлүн ала алды. Натыйжада бир жолку жер мунапысын жарыялаган “Жер-укуктук мамилелерди жөнгө салуу жөнүндө” жана “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (КР Жер жана Токой кодексине, Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө КР мыйзамына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу мыйзамдар кабыл алынды. Бул мыйзамдарда жарандардын жер участокторуна менчик укугун таануу, жер мунапысын жүргүзүүнүн шарттарын жана тартибин бекемдөө боюнча бир жолку акция каралган. Мыйзамдын ишке ашырылышы менен республикабыз боюнча жалпы 140 000ден ашуун үй-бүлөнүн турак жай маселеси чечилет. Демек, алар жер тилкесине курулуш жүргүзүүгө мыйзамдуу түрдө укук алып, жашаган жери боюнча каттала алышат.

Жогорку Кеңеш мыйзам чыгаруу менен катар эле мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл жүргүзө алат. Борбор шаарыбызда баш аламан мыйзамсыз курулуштар түшүп, шаарыбыздын архитектуралык кооздугун ойлогон киши болбоду. Бул маселе боюнча парламентте Дастан Бекешев башында турган атайын депутаттык комиссия түзүлүп, жигердүү иш баштады. Мындан тышкары мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү, калдыктарды кайра иштетүү заводун курууга каралган кредиттик жана гранттык каражаттарды максаттуу пайдалануу маселелерин иликтөө боюнча да убактылуу депутаттык комиссиялар түзүлгөн. Бул комиссиялардын ишинин жыйынтыгын парламент жайкы каникулдан кийин иштей баштаганда коомчулук кабардар болоор.

Эл өкүлдөрү болгон парламент депутаттары элдин үнүн бийликке жеткирип, алардын чечилишине салымын кошуусу биз үчүн кадыресе көрүнүш. Жетинчи чакырылыштын депутаттары да көнүмүш адат боюнча бул жагын бат эле өздөштүрүп жатышат. Баягы эле мектеп, ооруканa, жол, көпүрө жана башка маселелер депутаттар тарабынан активдүү көтөрүлүүдө. Ушул эле маселелер боюнча жергиликтүү бийлик органдары да иш алып барат. Бирок депутат электоратын сактоо үчүн болсо да бул маселелерге кайрылбай коё албайт. Эл дагы ошого көнүп калган. Ар кандай чарбалык жана социалдык маселелерди айтып, депутатка кайрылышат. Чындыгында депутаттын биринчи милдети мыйзам чыгаруу ишмердиги болушу керек. Ошондой эле мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл кылуу укугу да бар. Парламент бир орунда тура бербей алдыга жылышы, өзгөрүшү мезгил талабы. Бүгүн депутаттар өзүнүн негизги милдетине басым жасоого өтүшү зарыл. Болбосо кечээ жакында “Өтмөк жолун оңдоого акчаны мамлекет берди, эмнеге депутаттар биз кылдык деп айтышат” деген сыяктуу маселе чыгышы толук мүмкүн. Азыр абал өзгөрдү. Мамлекет элдин суроо-талабына көбүрөөк көңүл бөлүп, маселелерди чечүү аракетин жасоодо. Парламент сапаттуу мыйзамдарды чыгарып, анын аткарылышын көзөмөлдөө менен бул жагынан элге жардам бере алат. Сапаттуу, турмушка алгылыктуу мыйзам жазыш үчүн парламент курамы да сапаттуу болушу керек.

Канткен менен жетинчи чакырылышка шайлоо бир топ жаңы эрежелер менен өттү. Бул жолу партиялык лидерлердин диктатурасы же айрым учурда айтылып жүргөндөй мандат сатуу бизнесине чекит коюлуп, талапкерлер алган добушуна жараша мандатка ээ болушту. Мурдагыдай “алтын” мандат делип алдыңкы ондукка коюлуп, кызылдай акчанын күчү менен депутат болгондор болгон жок. Ошондой эле түздөн-түз элдин элегинен өтүп, бир мандаттуу округдардан 36 депутат шайланып келишти. Бул эрежелер парламент депутаттарынын сапаттык курамына оң таасирин тийгизет деген үмүт болгон. Иш жүзүндө кандай болду, аны дагы алдыдагы төрт жыл ичинде көрө жатарбыз. Азырынча парламенттеги жаңы жүздөрдөн жарк этип элге көрүнүп, өзгөчөлөнгөнү болгон жок. Антсе да Нарын шайлоо округунан шайланып келген жаш депутат Улан Бакасов “мен пикиримди кагаз карабай эле айттым” деп кайра-кайра актануусу менен элге таанылды окшойт. Элге-журтка аты таанымал Мирлан Самыйкожо, Нуржигит Кадырбеков, Эрулан Көкүлов сыяктуу жаш депутаттар үчүн жетинчи чакырылыштын биринчи сессиясы “репетиция” катары парламенттин ичинен таанып-билүү мезгили болду окшойт. Биринчи сессия салыштырмалуу кыска мөөнөттө иштегендиктен жаңы шайланып келген депутаттардын ички мүмкүнчүлүгү толук ачылбай калышы мүмкүн.

Парламент саясаттын кайнаган жери. Парламентте сөзсүз оппозициялык көз караштагы депутаттар болбой койбойт. Алар өздөрүнүн келишкис позициясы, курч билдирүүлөрү менен элдин көңүлүн буруп, упай топтошот. Мындай миссияны жетинчи чакырылышта Адахан Мадумаров баштаган “Бүтүн Кыргызстан” фракциясынын айрым депутаттары аткарчудай болуп калды.

Бегим ТУРДАЛИЕВА

Абал көзөмөлдө

ТАРЖЫМАЛЫ БЕЛГИСИЗ ТААЖЫВИРУСУ

Акыркы суткаларда өлкөдө таажывирусун жуктуруп алгандардын лабораториялык жактан тастыкталган учурлары көбөйүүдө. Кечээ 18-июлга карата 88 адамдан вирус табылды. Бул тууралуу Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаменти маалымдады. Эл арасында сасык тумоого кабылып, ооруп жаткандардын саны да өсүп жатканы айтылууда. Эске салсак, эки жыл мурда дал ушул учурда өлкөдө бул илдет өз апогейине жетип, каза болгондордун саны тездик менен көбөйүп, 2020-жылдын июль айы “кара июль” аталган. Андан кийин дүйнөдө бул илдеттин статистикасы басаңдап, көп өлкөлөрдө чектөөлөр алынып, коомчулук мурдагы жашоо шартка кайткан. Бирок, ДСУ ушул айда дагы илдет кайрадан көбөйүп, бизге жакынкы Өзбекстан жана Казакстан өлкөлөрү карантин режимине өтө баштаганын билдирди. Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаменти учурда ооруканаларга оорунун белгилерине даттанып кайрылгандар көбөйүп жатканын билдирди. Ал ортодо Республикалык штаб таржымалы белгисиз коронавирустан улам ооруканага түшкөндөрдүн саны көбөйүп бара жатат деген маалымат таратты. Расмий маалыматка караганда дарыланып жаткандардын басымдуу бөлүгү вируска каршы эмделбегендер болууда.

Саламаттык сактоо министринин милдетин аткаруучу Жаркынбек КАСЫМБЕКОВ:

- Саламаттык сактоо министрлиги учурда бул илдет менен күрөшүүгө толук даяр. Болгону биз буга чейин вакцинация маселесин элге таңуулабай, ыктыярдуулукка ыктап койгондугубуздан улам эмделгендердин жалпы көрсөткүчү 19,4 пайыз гана болууда. Бул өтө төмөнкү көрсөткүч. Демек, илдет күчөсө, илдетти жуктуруп алчулар көп болушу ыктымал. Бирок, жамааттык иммунитет пайда болгондугун да белгилеп кетүүбүз керек. Азыр дүрбөлөңгө алдыруунун кажети жок. Абал кооптуу да, коркунучтуу эмес, толук көзөмөлдө.

Фармацевт Асель БЕКБОЛСУН кызы:

- Мындан эки апта мурда сасык тумоого каршы дары-дармекке болгон суроо-талап күч алган. Дары сурап келгендер көбүнчө дене табын түшүргөн дарыларды сатып алып жатышкан. Андан кийин эле коронавирустун кайрадан күч алгандыгы тууралуу маалымат чыкты. Негизи бул илдеттин бар же жок экендиги тууралуу көп мифтер, далилдер айтылып келди. Тилекке каршы бул вирус бар. Андыктан андан сактануу керек. Дарыгерлердин айтымында учурда өлкөдө коронавирустун жеңил түрү жүрүп жатат.

Алматы шаарынын тургуну Ботагөз АЙТЖАНОВА:

- Казакстанда беткап тагуу боюнча режим киргени менен азырынча ал аткарыла элек. Эл кадимкидей эле аралашып жүрүшөт. Абал тынч. Эки жыл мурдагыдай болуп дүрбөлөңгө түшкөн эч ким жок. Коомдук жайлардын дээрлик баары кадимкидей тартипте иштеп жатат.

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

"Манас" дастанындагы аскердик өнөр

Мамлекеттик катчы Сүйүнбек КАСМАМБЕТОВ:

«ТАКА ТУЯКТЫ, ТУЯК ТУЛПАРДЫ, ТУЛПАР ЭРДИ, ЭР ЭЛДИ САКТАЙТ!»

Ушул жылдын 14-16-июлунда Ысык-Көлдүн Тамга айылындагы Аскер санаторийинде Кыргыз Республикасынын Президентинин "Манас" эпосунун үчилтигин ар тараптан изилдөө боюнча кошумча чаралар жөнүндө" жарлыгын ишке ашыруу алкагында «Манас» эпосундагы аскер өнөрү" темасында эл аралык илимий-практикалык конференция өттү. Эл аралык иш-чарага мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдарынын өкүлдөрү, парламент депутаттары, аскер кызматчылары, Россия, Индия, Түркия, Казакстан аскер атташелери, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү, окумуштуулар менен адистер катышты. Биз төмөндө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик катчысы Сүйүнбек Касмамбетовдун конференцияда жасаган баяндамасынын негизинде даярдалган материалга окурмандын назарын бурабыз.

Өңчөй алдыңкы интеллектуалдар менен окумуштуулар чогулуп, аскер кызматчылары менен бирге эл аралык деңгээлдеги илимий иш-чара уюштуруп, жалпы талкууга баягы көндүм адаттан тыш теманы тандап, анын жүрүшүндө кыргыз элинин өтө аялуу баалуулуктары, эң башкы дөөлөттөрү жөнүндө даректүү сөз козгоп, данектүү кеп салып, орошон ой кууруга белсенгениңиздер үчүн чоң ыраазычылык билдирем.

Жанагы «адаттан тыш» деген сөзүмдүн жөнү бар. "Манас" эпосун жакындан билген жана тарыхчы катары айтсам, улуттук аскер өнөрү – өтө аз изилденген тема. Мен билгенден аскер адамдарынын чөйрөсүндө «Манас» эпосундагы аскер өнөрү, анын тактикалык жана стратегиялык усулдары, аскерий курал-жарактар жөнүндө маселени эл аралык деңгээлде талкуулоо жөрөлгөсү буга чейин болгон эмес. Ошондуктан, бул иш-чараны дагы бир илимий-практикалык саамалык катары карасак болот.

Бул иш-чаранын Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун Улуттук нарк жаатындагы жарлыктар топтомунун бир бөлүгү болуп эсептелген "Манас" эпосунун үчилтигин ар тараптан изилдөө боюнча кошумча чаралар жөнүндө" жарлыкка жармакташ өтүп жатканы андан бетер кубанычтуу. Президенттин дал ушул жарлыктары – биздин улуттук идеологиябыздын өзөгүн түзгөн мамлекеттик деңгээлдеги концептуалдуу документтер болуп саналат.

Азыр дүйнө бат өзгөрүп жатат. Бүткүл адамзат цивилизациялык да, аймактык да, концептуалдык дагы мүнөздөгү коркунучтарга дуушар болууда. Босогобузда сагалап турган дүйнөлүк согуш, экологиялык жана техногендик капсаландар адам баласы жашайбы же жашабайбы деген маселени кабыргасынан койду. Мындай арабөк абал күтүүсүз кандуу кагылыштарды жаратары бышык. Ошентип, биз азыр ишеним артаар дүйнөлүк жаңы идеялар жок кырдаалда жашап жатабыз.

Мына ушундай кыйчалыш кырдаалда аскер адамдарынын элибиздин эзелтеден келаткан «Манас» сындуу улуу таберигине кайрылышы бекеринен эмес. Армияда кызмат өтөгөндөрдүн басымдуу бөлүгү – жаңыдан чоң турмуш босогосун аттаган жапжаш уландар. «Куш уядан эмне көрсө – ошону алат» демекчи, милдеттүү аскер кызматын өтөө алар үчүн турмуштук таалим-тарбиянын, атуулдук ариетти калыптандыруунун, чыныгы жигит катары жетилүүнүн чоң мектеби болуп саналат.

Кыргыздар 3 миң жылдан ашуун тарыхый таржымалы бар эң байыркы элдердин бири. Кыргыздар менен колтукташ жашаган жүздөгөн уруулар болгон, алар азыр каякта? Алар эбак эле тарыхый аренадан сүрүлүп калган, улут катары калыптана албай туш-тушка чачылып кетти. Ал тургай, кыргыздын атын тарыхта калтырып, ошо күндөн ушу күн жашап жаткан ири элдер деле өздөрүнүн баштапкы атын сактай алган жок. Бирок, тагдыр жазмышы экен, биз кыргыздын өз аты менен эл катары сакталып калдык.

Кыргыздын катаал сыноолордун кыл чыпкасынан өтүп, түптүү эл катары сакталып калышында көптөгөн коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык факторлор бар. Албетте, анын ичинде байыртан келаткан аскердик өнөрү да бар. Бирок, мында кыргыздардын каармандыгы менен атуулдук ариети чечүүчү фактор болгону эч талашсыз. Ошондон улам, «Манас» эпосу күнү бүгүн да кыргыз мамлекетинин гимни менен желегиндей эле улуттук идентүүлүктүн символу болуп турат.

Оомалуу-төкмөлүү кыргыз тарыхындагы эң көрүнүктүү орун Энесай дооруна туш келет. Кыргыздар I-III кылымда байыркы Таштык маданиятын түптөгөн. Ал эми IX кылымда Улуу Кыргыз каганаты түзүлүп, анын аймагы азыркы Монголиядан Теңир-Тоого чейин созулган. Тандамалуу темир иштеткен, курал-жарактын эң мыкты үлгүлөрү жасалган, ошого жараша аскерий өнөрү да өнүккөн, өздөрүнүн рун жазуусу болгон, эл аралык катнаш, аскерий биримдик жана соода-сатык мамилелерин түзгөн.

«Манас» эпосу – кыргыз элинин тарыхый энциклопедиясы» деген аныктаманын эч кандай жок. Анда элибиздин тарыхтаржымалы, көөнөргүс көркөм күчкө жалгашкан акыл-парасаты түгөл камтылган. Ошондой эле, тарых барагында белгисиз калган элдердин, уруулардын, адамдардын аттары, жер-суу аталыштары, карманып келген каадасалттар, аскер өнөрү, курал-жарактары, турмуш-тиричилик буюмдары, айтор, мезгил элегинен иргелген окуялардын баары бар. Чынында эле ушундай.

Ошону менен бирге, мен бул жерде "Манас" эпосун байыркы кыргыздардын аскер өнөр энциклопедиясы деп атагым келип турат.

"Така туякты, туяк тулпарды, тулпар эрди, эр элди сактайт!" демекчи, жалпы аскер өнөрү, бардык аскердик курал-жарактар, аскерий айла-амалдар, аларды колдонгон тарыхый адамдар менен уламышка айланган каармандардын жеке тагдыры бири-бири менен өтө тыгыз чырмалышкан.

АСКЕРДИК КУРАЛ-ЖАРАКТАР

Курал-жарактар негизинен коло, темир, болот, курч сындуу бышык металлдан жасалган. Кийин мылтык пайда болуп, анын найына сай салына баштаган. "Курама темир курч болот» дегенине караганда, алар ар башка темир кошундуларынан бышыкталып жасалса керек. Бул илимий жактан негизделген. Азыр аскерий куралдарды өндүрүү жаатында дал ушундай алдыңкы технологиялар жана нанотехнологиялар колдонулат.

Андан тышкары, кылыч, шамшар, канжар, кыңырак, найза, шалк этме, айбалта, чокмор, сыйыртмак, жаа, мылтык, жазайыл өңдүү чабуул куралдары менен катар зоот, каттама, калкан, туулга сыяктуу коргонуу жабдыктары да кошо жасалган.

«Манас» эпосунда башкы каармандарга, айрыкча Манаска таандык ар бир курал-жарактын өзүнчө таржымалы, аларга ээ болуу тарыхы кеңири баяндалат. Алардын кайдан жана кандай шартта келгени же ким тарабынан кантип жасалгандыгы жөнүндө толук кабар берилет. Алардын энчилүү кылычы, түпөктүү найзасы, көрөгөч дүрбүсү, жазбай аткан мылтыгы болот. Жебе менен кылычтын эле канча түрү бар...

Мисалы, асмандан түшкөн алты курчтун (азыркы тил менен айтканда – метеориттин) ар биринин өзүнчө касиети бар. Манастын курал-жарагы мына ошол курчтан жасалган. Демек, кыргыздардын асмандан түшкөн көмүртек менен байытылган метеорит металлдарын иштетүү технологиясын билген. Алтайдагы темир мештер азыр дагы сакталуу бойдон турат.

АСКЕРДИК ТҮЗҮМ КАЛЫБЫ

"Манас" эпосунда он башы, жүз башы, миң башы, түмөн башы, кол башы, оң канат, сол канат, туу башы деген аскерий түзүмдүк аталыштар бар. Алардын өз алдынча кеңештери, азыркы тил менен айтканда, жалпы аскер колунун жана анын ажырым бөлүктөрүнүн аскердик штабдары иштеген.

Манас баатыр чоң жүрүшкө аттанганда кол башчылык милдетин Бакай менен Алмамбетке убактылуу өткөрүп берип, өзү катардагы жоокер катары Тазбайматтын ондук тобуна кирчү экен. Бир жолу Алмамбет жалпы аскерди түгөлдөп калат. Тазбаймат дагы өз ондугун санайт: тогузу бар – бири жок. Ары чуркайт, бери чуркайт, ана санайт, дагы санайт, жоготконун таппайт, ачуусу келет, бушайман болот. Көрсө, жарыктык киши кан Манасты катарга кошпой калыптыр.

Ошондой эле, дастандын айрым варианттарында Тазбайматтын кээде өзүн дагы ондукка кошо санап, ондон ашкан бир кишисин таптакыр таппай убара болгон, күлкүгө калган дагы жайы бар...

АСКЕРДИК АЙЛА-АМАЛДАР

Эпосто "Чоң казат", "Кичи казат" деген аскерий жүрүштөрдүн аттары, чалгын топ, жекеме-жеке же жекме-жек, ат коюу, жарып өтүү, ит урушун салуу, орой чалуу, топ жаруу, бириндетип талкалоо, буктурма, куугун, ташкапкан, жортуул, чалгын, кайгуул, жер чалуу, тосот, чабарман, тыңчы деген сыяктуу аскерий тактикалык жана стратегиялык айла-амалдар да айтылат. Алар көп жагынан азыркы заманбап аскерий аталыштарга дал келет. Мисалы, Айчүрөктөй аккуу кейпин кийип алып жер чалуу ыкмасы азыркы дрондук чалгын куралынын сыпатын элестетип жаткан жокпу?..

МАНАСТЫН КУРАЛ-ЖАРАКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ УЛАМЫШ

«Маната» чагылдырылган курал-жарактар негизинен энчилүү ат менен аталат. Мындай салт элдик дастандардын көбүнө мүнөздүү. Манас баатыр дагы өзүнүн энчилүү курал-жарагына кандайдыр бир касиеттүү жогорку күчтүн, бизче айтканда, Жараткандын колдоосу менен ээ болот.

Манас он төрт жашка чыгып, эрезеге жетет. Ал жанына жети жолдош алып, Үч-Аралга ууга барат. Кийик карап, аң издеген жолдош-жоролору бириндеп туш-тушка кетет. Эсилдин башы Боз-Дөбөгө чыгып, туш тарапка көз чаптырып турганда, төмөндөгү өзөн суунун боюнан бир топ чоочун адамды көрөт. Манас акмалай барып жөн-жайын сурайт. Алардын башчысы Айкожо аттуу көп жашаган касиеттүү кары экен. Ал атайын алыстан Манасты издеп келгенин айтып, ага башка бир касиеттүү адамдын аманаты катары Аккелте мылтык менен Ачалбарс кылычты тартуулайт.

"Жеңген – жетим, жекчил – көп" дейт, анысы кандай, Манас баатыр өлгөндө, анын жакшылыгын көрө албай ичинен ирип, тышынан тымып жүргөн аталаш тууганы Абыке мене Көбөш бири-бирине эми бул катынын мен алам, тигинисин сен алгын деп, көңүлүн бузуп турганда, жалгыз уулу Семетейди жетелеген Каныкей энебиз Букардагы төркүнүн көздөй качып кутулат. Ал эми Манастын Аккелте, Ачалбарс, Зулпукор, Наркески, Аколпок баштаган жоо-жарагы Абыке-Көбөштүн колунда калат.

А бирок, ар куралдын анты бар эмеспи, Ачалбарс кылыч суурулбай, Сырнайза сунулбай, Аккелте мылтык атылбай, Наркескиси катылбай, Аколпогу кийилбей

коёт. Көрсө, Манас атанын курал-жарактары башка адамдын амирине баш ийбейт, өз ээсинин колуна тийгенде гана адилеттүү ак кызматын өтөйт тура. Ошентип, Манастын ал курал-жарагы төрдө илинип тургандан башкага жарабайт.

Кийин Семетей эр жеткен соң, кыргыз кыйырына кайтып келип, атасынан калган мурасын аларда, абалары Абыке менен Көбөштүн айынан көптөгөн кыйынчылыктарга кабылат. Акыры ал бийлигине манчыркап эрдемсинген Көбөш менен жекемежеке кармашкан учурда көп жылы төрдө үн-жыңсыз илинип турган Аккелтеден шүйшүндөп кан агат, өзүнөн өзү эле ары-бери чайпалып, тырсылдап добуш чыгарып, чыныгы ээсин тааныгандай алданеден жакшылык жышаанын берет.

Азыркы тил менен айтканда, Аккелте, Ачалбарс, Зулпукор, Наркески, Аколпок заманбап технологиянын жардамы коддолгон курал-жарак катары сыпатталат. Жоокердик куралдарга мүнөздүү мындай мифологиялык уламыштар "Манас" эпосунун бардык бөлүктөрүндө кездешет.

Эң башкысы, ушу тапта байыркы кыргыз элине таандык "Манас" эпосу баш болгон элдик дастандарыбызда чагылдырылган курал-жарактардын түрлөрүнүн басымдуу бөлүгүнүн үлгүлөрү табылып, алардын колдонуу багыты менен тартиби эбак эле тарыхый-прикладдык жактан далилденген десек болот. Узак жылдар бою Алтай, Түштүк Сибирь, Монголия, Борбор Азиянын чөлкөмүндө археологиялык изилдөөлөрдү жүргүзгөн белгилүү орус окумуштуусу Юлий Худяковдун "Энесай кыргыздарынын VI-XII кылымдардагы курал-жарактары" аттуу китеби бар. Мен ал киши менен көзү тирүү кезинде сүйлөшүп калдым, кайтыш болгонуна бир жыл толо элек, абдан билимдүү, кыргыз эли үчүн абдан күйгөн адам эле.

Юлий Худяков өзүнүн илимий эмгектеринде, жалпыга маалымдоо каражаттарына берген маектеринде археологиялык изилдөөлөрдүн жүрүшүндө байыркы кыргыздардын курал-жарактары көп табылганын, айрыкча темир буюмдар менен маданий эстеликтер абдан жакшы сакталып калганын, ошол кезде аскердик өнөр жаатындагы чоң өсүш байкалганын, алтургай айрым учурларда курал-жарактар менен атайын тажрыйбалар жүргүзүлүп, алар кыйла өркүндөтүлгөнүн баса белгилейт.

"Башка элдерге салыштырмалуу кыргыздар IX-X кылымдарда аскер өнөрү жагынан кыйла алдыга озуп кеткен. Буга мисалдар арбын. Ушу тапта учу үч миздүү келген бир жебе сакталып турат. Анын технологиясы кыргыздар тарабынан ойлоп табылгандыктан, "хыргыс-ова" аталат. Жебенин огу бир аз кайрылган. Адегенде жебе тебелендиде калып, ушундай формага келип калса керек деп ойлогонбуз. Бирок, дыкат изилдеп чыккан соң, жебенин огу атайын ушундай түрдө жасалганына көзүбүз жетти. Огу бир капталга кайрылып турган жебе жаага тең салмактуулукту камсыздап, душманын таамай аткан. Эң кызыгы, мындай жебе түрүнө заманбап адистер дагы кызыгып, азыр бронебаллистика жаатында аэродинамикалык октор пайда боло баштады», - дейт Юлий Худяков.

Бул арадан нечендеген доор алмашып, нечендеген кылымдарды аттап кайра бизге трансформацияланууу кубулушунун бир мисалы. Демек, муну байыркы кыргыздардын заманбап курал-жарактын өнүгүшүнө технологиялык жактан кошкон салымы катары да карасак болот.

Ал тургай, ат жабдык тутумуна кирген үзөңгүнүн пайда болуу таржымалы да кызык. Көчмөн элдин үзөңгүсү үз маалында аскерий согуш өнөрүндө чоң төңкөрүш жасаптыр. Башка элдер ал кезде үзөңгү колдонгон эмес. Көрсө, үзөңгүнү чирене тепкен жоокер бутун салаңдата ат минген адамга караганда бир топ артыкчылыкка ээ болгон: кошумча таяныч катары атка бекем отурган, кылыч чапканга да, жаа тартканга да, найза сунганга да, атаандашын ат үстүнөн алып жыккanga да кыйла ыңгайлуу экен. Андан тышкары, узун боолуу кош үзөңгү шал этме кара курал катары да колдонулганын жакшы билсеңиздер керек.

Муну кыраакы кыргыз алыстагы атчан адамдын үзөңгүсүн узун-кыска тартканынан эле кандай максат менен келаткanын жазгырбай билген. Анткени, душман сүргөнгө, жоо чапканга, кек алганга, жылкы тийгенге аттанган кыргыз баласы үзөңгүсүн кыска тартып, алыс жолдо орто тартып, жайчылыкта узун тартып теминет.

Азыркы замандын чакырыктары барган сайын күч алып, алардын коркунучтары көп кырдуу жана аймактар аралык мүнөзгө ээ болууда. Коомчулук арасы кыйла радикалдашып барат. Айрыкча Борбордук Азия чөлкөмүндө террордук жана экстремисттик коркунучтар буга чейин эле болуп келген, болуп турат. Кырсык айттырбай келет, душман күтүүсүз басат, биз андай жагымсыз жагдайларга даяма даяр болуубуз керек.

Албетте, Мекенге кызмат кылуу, анын кызыкчылыгын коргоо үчүн өз элинин атуулу болуу аздык кылат. Ал үчүн азыркы аскер адамы өз элинин тарыхтаржымалын жатык билген, улуттук наркты сыйлаган адам болууга милдеттүү. Азыркы аскер адамынын дени сак, денеси чымыр, күжүрмөн, акылы тунук, жан дүйнөсү таза, деми күчтүү, физикалык, теориялык жана практикалык даярдыгы жетиштүү болууга тийиш. Ансыз кыйын. Заман талабы ушундай!

Биздин башкы максат – Кыргызстандын аймактык бүтүндүгүн сактоо, анын көз карандысыздыгын коргоо, коомдун жашоо-турмушун турукташтыруу, мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылуу, өлкөнү ар тараптуу өнүктүрүү, калк турмушун жакшыртуу, ошондой эле илим-билимдүү, нарк-насилдүү, таалим-тарбиялуу, ден соолугу чың жаңы муундун өкүлдөрүн өстүрүү. Анткени, келечек – жаштардын колунда!

«Манас» дастанында кылымдар кыйырын кырча басып келаткан түптүү кыргыз журтунун элдүүлүгү, алардын биримдиги тууралуу минтип айтылат:

Бөлүнбө, кыргыз, бөлүнбө,
Бөлүнсөң бөрү жеп кетет.
Бөлүнүп калды кыргыз деп,
Бөлөк элге кеп кетет!..

Мына, даанышман Бакай бабабыз баштаган ата-жотолорубуздун байыртан келаткан чакырыгы, туу туткан урааны. Бөлүнбөйлү, кыргыз эл, биригели. Бирикпеген – тирикпейт! Биздин улуттук идеологиябыздын башаты да дал ушул биримдикте турат.

Кулагыңа күмүш сырга

ПРЕЗИДЕНТ АТКАМИНЕРЛЕРГЕ ТАЛАП КОЙДУ

Өткөн аптада Президент Садыр Жапаров жарым жылдын жыйынтыктары боюнча Министрлер Кабинетинин жыйынын өткөрдү. Мамлекет башчысы социалдык-экономикалык өнүгүү багытында жетишилген ийгиликтер менен катар кемчиликтерди белгилеп, алдыга милдеттерди койду.

Президенттин мамлекеттик органдардын жетекчилерине койгон талабы, аткарылган жана алдыда аткарылчу иштер туурасында гезитибиздин өткөн санында жаздык. Бул ирет Мамлекет башчысынын айыл өкмөттөрүн, акимдерди, облус жетекчилерин, жалпы эле бюджеттен айлык алган ар бир мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу аткарган иштери боюнча маалымат берип турууну милдеттендиргенине токтолгубуз келет.

Азыркы учурда мамлекетибизде абдан эле көп иштер жасалууда. Бирок алар боюнча эл ичине толук маалымат жетпей жатат. Эгерде аймак жетекчилери, министрлер, мамлекеттик мекемелердин жетекчилери маалымат каражаттарына убагында маалымат берип, активдүү иштешсе Президент айткандай "капсула эле салып жатасыңар, качан бүтөт" деген суроо чыкпайт эле.

Президент Садыр Жапаров бир жарым жылдык президенттик мөөнөтүндө региондорго тез-тез чыгып, жеринде маселелер менен таанышып, эл менен жолугушууларды өткөрүүдө. Мамлекет башчысы кайда барбасын карапайым калк аралап, алардын көйгөйлөрүн угууга даяр. Ал ошондой эле мамлекеттик органдардын жетекчилеринен да ушуну талап кылууда. Жакында эле Башкы прокурор Курманкул Зулушев, Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев, ички иштер министри Улан Ниязбеков аймактарды кыдырып, эл менен жолугушууларды өткөрүп келишти. Элдин турмушуна байланыштуу көйгөйлөрдү алардын өз оозунан уккан таасирдүү болот эмеспи. Мамлекет башчысы ошондой эле министрликтердин жетекчилерин, жергиликтүү бийлик органдарынын башчыларынан да ушундай эле аракеттерди күтөөрүн айтып келет.

Азыркы учурда соцтармактар өнүгүп, маалымат булагы арбыды. Бирок соцтармактарда такталбаган, кээде кандайдыр кызыкчылыктар менен жазылган материалдар орун алган учурлар кездешет. Аларды окуган адам чын-төгүнүн ажыратып билиши кыйын. Ошентсе да алар кандайдыр бир деңгээлде коомдук пикирди түзүп жатканы белгилүү.

Журналистиканын коом алдында өзүнүн аткарган миссиясы бар. Азыр блогер дегендин баары эле журналист катары кабылданып, алар менен бир катарга туруп калды. Бирок алардын баарында эле кесиптик, коомдук жоопкерчилик бар деп айта албайбыз. Андыктан мамлекеттик мекемелер баары бир салттуу жалпыга маалымдоо каражаттары менен ырааттуу иш алып барганы максатка ылайык. Өзгөчө гезиттерди ким окуйт эле деген аткаминерлерди да уга калып жүрөбүз. Эл барда гезит эч жок болбойт. Тескерисинче, өнүккөн Японияда, Америкада эл гезит-журналга көнүл бөлүп, окурмандарынын саны көбөйүп жатканын жазышууда. Ал эми биздин шартка келсек азыр гезит окулбай калды деп айтууга болбойт. Өлкөбүздүн калкынын жарымынан көбү айыл жеринде жашайт. Ошондой эле шаарда да гезит окууга кызыккандар оголе көп экенин биз өз ишибизден билебиз. Редакцияга келип, окуйт элем деп гезит алып кеткендер жетишерлик көп. Анан калса биздин гезит өтө көп болбосо да жетишерлик санда республикабыздын бардык аймагына тарайт. Гезит радио же теле эмес, экранды теше тиктеп же радиону тыңшап отуруп уга турган. Гезитти жанына алып канча мезгил өтсө да таап окуй аласың. Ошон үчүн гезиттин журналисти ар бир жазган факты, маалыматка жоопкерчилик менен карайт. Бул жагын аткаминерлер эске алып коюшу керек.

Өлкөбүздөгү маалымат каражаттары, анын ичинде мамлекеттик гезит болгон "Эркин-Тоо" гезитинин редакциялык саясатынын негизин да мамлекеттик саясатты калкка жеткирүү болуп саналат. Биз өлкөбүздө жасалып жаткан позитивдүү өзгөрүүлөр менен катар эле карапайым калктын талабын, каалоо-тилегин бийликке жеткирип, эл менен бийликтин ортосундагы чыныгы ишкер байланыштын түзүлүшүнө көпүрө болгубуз келет. Андыктан мамлекеттик мекемелердин жетекчилери биз менен мурдагыдан да тыгыз кызматташуу мезгили келди. Бул Президентибиздин талабы. Биз мамлекеттик басылма катары калкка туура, калыс, такталган маалымат жеткирүү биздин милдетибиз деп эсептейбиз жана дайыма ушуга аракеттенип келебиз. Мында бизге ар кандай деңгээлдеги жетекчилер, сиздердин жардамыңыздар керек. Мамлекеттик басылмада мамлекеттик саясат ар тараптуу жана ыкчам чагылдырылса, ал сиздин жана биздин ийгилигибиз болот. Президенттин талабын жетекчиликке алып, биз сиздерди ачык-айрым жана өз ара пайдалуу кызматташтыкка чакырабыз.

Президентибиз Садыр Жапаровдун жасаган иштериңер жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу маалымат берип тургула деген тапшырмасы аткаминерлердин маалымат каражаттарына карата мамилесин өзгөртөт деген ишеничтебиз. Мамлекет чоң-чоң каражаттарды бөлүп, элдин турмушартын жеңилдетүүгө бардык аракеттерди жасоодо. Элибиз да жасалган жана алдыда жасалчу иштер боюнча так жана анык маалыматты алышы керек. Ошондо гана элдин бийликке ишеними болот. Буга төртүнчү бийлик болгон массалык каражаттарынын өкүлдөрү менен бийлик органдарынын тыгыз жана өз ара сый-урматка негизделген кызматташтыгынын негизинде гана жетишүүгө болот. Андыктан Президент Садыр Жапаровдун талабы бардык аткаминерлердин "кулагына күмүш сырга" болушу керектигин белгилеп коюубуз керек.

Бегим ТУРДАЛИЕВА

Мамлекет – жараны менен күчтүү

Кыргыз Республикасынын эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министри Кудайберген БАЗАРБАЕВ:

“ООГАНСТАНДАН 1,5 МИҢ ЭТНИКАЛЫК КЫРГЫЗ КӨЧҮРҮЛҮП КЕЛЕТ”

Өткөн жумада эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министри Кудайберген Базарбаев аталган министрликтин алты айлык ишинин жыйынтыктары боюнча журналисттерге маалымат жыйын өткөрүп, учурдагы жана алдыдагы аткарылчу иштер тууралуда айтып берди.

КӨБӨЙТҮЛГӨН СОЦИАЛДЫК ТӨЛӨМДӨР ЖАНА КОЛДООЛОР

Өткөн жылдын 1-октябрынан тартып калктын аялуу катмарын мамлекеттик колдоого алуу максатында өлкөдөгү социалдык төлөмдөр байкалаарлык өстү. Алардын айрымдарына токтолсом: майыптыгы бар балдарга берилчү жөлөкпулдун өлчөмү 4 миңден 8 миң сомго, ата-энесинин биринен ажыраган балдарга миң сомдон 2 миңге, томолой жетим балдар 2 миңден 6 миңге, тубаса майыптыгы барлар үчүн 4 миң сомдон 8 миң сомго, 2-топтогу тубаса майыптар үчүн 2700 сомдон 5400 сомго, 3-топтогу тубаса майыптыгы барларга 2700 сомдон 5400 сомго чейин көбөйтүлдү. Бул тубаса майыптыгы барлар үчүн гана көбөйтүлгөн көрсөткүч. Андан тышкары пенсионерлерге, баатыр энелерге жана башка калктын аялуу катмарларынын социалдык жана ден соолугунун абалы, даражаларына жараша жөлөкпулдардын дээрлик бардыгы жогорулаган. Ошондой эле 2022-жылдын 1-июнунан баштап социалдык төлөмдөрдүн суммасы дагы бир жолу көтөрүлгөн.

Жалпысынан социалдык төлөмдөрдүн көлөмү 103 миң 9 жаранга көбөйтүлдү. Мындан тышкары, үстүбүздөгү жылдын 1-июнунан тартып “Үй-бүлөгө көмөк” жөлөкпулунун суммасы 810 сомдон 1 миң 200 сомго жогорулады.

Президент Садыр Жапаровдун Жарлыгына ылайык 1-июндан тартып жеке ассистент кызматы үчүн жаш курагы боюнча чектөө алынып салынды. Эми жеке ассистент кызматын балдар эле эмес, бирөөнүн кароосуна жана көзөмөлүнө муктаж 1-топтогу майыптыгы бар чоңдор дагы ала алышат. Ал үчүн ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга 4900 сомдон 6300 сомго чейин төлөнөт. Республика боюнча жеке ассистент кызматын 8 миң 493 адам аткарат.

Үстүбүздөгү жылдын февраль айында Кадамжай жана Нарын облусунун Жумгал райондорунда аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү колдоого багытталган социалдык контракт атайын долбоору иштелип чыккан. Анын алкагында аз камсыз болгон 2800 үй-бүлөгө чакан ишкердик баштоо үчүн 100 миң сомдон берүү каралган. Өлкө жетекчилигинин мындай кадамы аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн турмушшартын жакшыртууга жардам болмокчу. Аталган долбоорду ишке ашырууга 292 миллион сом бөлүнгөн. Бүгүнкү күндө бардык долбооорлор ийгиликтүү болду. Эми бул долбоор бүт республикага жайылтылат.

Азыркы учурда өлкө боюнча 27 медициналык социалдык эксперттик комиссия иштейт. Анда жыл сайын 50 миңден ашык жаран тейленет. Медициналык социалдык эксперттик комиссияда анатомиялык кемчиликтери менен майыптык тобу дароо “мөөнөтсүз” белгиленип, эл аралык стандарттарга жана нормаларга ылайык майыптыкты аныктоо каралып чыгат. Акыркы учурда медициналык социалдык эксперттик системасындагы жетекчилердин 70 пайызы жаңыланды.

ЖУМУШСУЗДУК ЖОЛГО КОЮЛУУДА

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу боюнча 117 агенттик иштейт. Президент Садыр Жапаровдун «Миграциялык кырдаалды жакшыртууга багытталган чараларды кабыл алуу жөнүндө” Жарлыгынын алкагында министрлик тарабынан 92 кыргызстандык Түштүк Кореяга иштөөгө жөнөп кетишти. Аларды мыйзамдуу ишке орноштуруу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын ортосунда өз ара түшүнүшүү жөнүндө Меморандумга ылайык уюштурулду. Өз убагында Түштүк Кореянын жарандары өнүккөн өлкөлөргө барып, андан кийин мекенине кайтып келип, аны жогорку өнүккөн мамлекеттердин деңгээлине жеткиргенин билебиз. Бүгүнкү күндө биз менен Япония жана Улуу Британиянын ортосунда келишим түзүлүп, Германия мамлекети менен келишимге кол коюлары күтүлүүдө. Андан тышкары Санкт-Петербургдун компаниялары менен жолугушуу өткөрдүк. Алар биздин өлкөдөн барган эмгек мигранттары үчүн жагымдуу, ылайыктуу шарттарды түзүүгө даяр.

Министрликтин алдындагы жарандарды чет өлкөгө ишке орноштуруу борбору 15 жылдан бери Корея Республикасынын ишканаларында 5 миң кыргызстандыкты жумушка орноштурган. Азыркы учурда ал жакта 2 миңге жакын жараныбыз EBS программасы боюнча тамак-аш, кагаз өнөр жай ишканаларында иштеп жатышат. Алардын орточо эмгек акысы 1800 долларды түзүп, жатакана жана тамак-аш жумуш берүүчүнүн эсебинен болууда. Программанын негизги талабы – корей тилин тийиштүү деңгээлде билүү болуп саналат. Үстүбүздөгү жылы корей тилинин деңгээлин текшерүүчү тестке 1500дөн ашуун жарандарыбыз катышып, алардын 360ка жакыны гана ийгиликтүү өткөн. Андыктан “сен канча тил билсең, ошончо адамсың” деген сөз таамай бүгүнкү күн үчүн айтылгандай.

2021-жылы Кореяга ишке орноштурууда 750 квота болсо, 2022-жылдын башынан бери алардын саны 1800гө жетти. Учурда Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борбору менен биргеликте кыргызстандыктарды Финляндия мамлекетине жумушка орноштуруу иштери жүрүп жатат. Андан тышкары, Япония мамлекети 300дөн ашык жараныбызды заводдорго жумушка алууга даяр. Бул боюнча жакында Япониянын “KOBE international Trade Promotion Association” компаниясынын башкы директору Широ Сурумаки менен макулдашууга кол коюлду. Келишимге ылайык, “техникалык стажёрлор” программасынын алкагында Кыргызстандын жарандары Японияда окуп, андан кийин ишке орношо алышат. Учурда алар менен да бул маселени жакын арада чечүүнүн үстүндө иштеп жатабыз. Мындай иш-аракеттердин аркасынан кыргыз элин тентитип жиберди деп тескери саясат жасоонун өзү туура эмес. Ар бир жасалган иштин жакшы жагын көрө билгенге үйрөнүүбүз керек. Мен жогоруда айтып өткөндөй айрым өнүккөн өлкөлөр да бир убакта элин мигрант кылып тажрыйба топтоп, алдыга умтулган. Биз да ошол жолдо баратабыз деп терең ишенем.

Жакырчылык менен күрөшүү жалпыбыздын милдетибиз болгондуктан, четте карап турбай жалпы аракет кылышыбыз керек. Жакында биздин министрлик жакырчылык менен күрөшүү боюнча Кытай мамлекетинин тажрыйбасын колдонууга ниеттенип жатат. Бул багытта Кытайдын Кыргызстандагы Атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси Ду Дэвэн айым менен атайын жолугушуу өткөрүп, Кытай эмгек ресурстары жана кызматташтык жөнүндө келишимдерге кол коюлду. Аталган келишимдин алкагында да бир топ алгылыктуу иштер аткарылат деп ишендирип кетким келет.

ООГАНСТАНДАН 400 ҮЙ-БҮЛӨНҮ КӨЧҮРҮП КЕЛҮҮ ПЛАНДАЛУУДА

Акыркы жылдары Ооганстандын Улуу жана Кичи Памир тоолорунда оор шартта жашаган этникалык кыргыздарды Кыргызстанга көчүрүп келүү маселеси байма-бай көтөрүлүүдө. Былтыр сентябрь айында Президент Садыр Жапаров Ош облусунун Чоң-Алай районунда Улуу жана Кичи Памирден келген этникалык кыргыздар үчүн шаарчанын курулушуна капсула салган. Шаарча үчүн Кашка-Суу айылынын Бурган-Суу тилкесинде 30 гектар жер жеке турак үйлөрүн жана социалдык объектилерди курууга трансформацияланган. Ал жерге 30 үй курулуп, инфраструктурасын өнүктүрүү үчүн үстүбүздөгү жылы мамлекеттик бюджеттен 77 миллион 220 миң сом бөлүнмөкчү. Ал эми памирлик кыргыздарды алып келүү жана жайгаштыруу иштерине бюджеттен 244 миллион 530 миң сом сарпталат. Быйылкы жылдан тартып 2024-жылга чейин Ооганстандын Улуу жана Кичи Памир аймагынан биздин өлкөгө 1500 этникалык кыргызды, тактап айтсак 400 үй-бүлөнү көчүрүп келүү пландалууда.

Кыргызстан Ооганстандагы этникалык кыргыздарды эки жылдын ичинде толугу менен көчүрүп келүүнү максат кылып жатканын Президент Садыр Жапаров былтыр күзүндө маалымдаган. Ал анда памирликтер Кыргызстанга көчүрүп кетүүнү өтүнүп жатышканын айткан. Мындан беш жыл мурун Нарынга 50 памирлик кыргыз келип жайгаштырылган. Ал эми 2019-жылы декабрда 50 кишиден турган 11 памирлик үй-бүлө Алай районунун Сары-Могол айылына көчүрүлүп келген. Кийинчерээк Талды-Суу айылындагы атайын алар үчүн курулган үйлөргө киргизилген. Алардын арасында көнбөй кайра кайткандары да болду. Бирок, бала-чакасынын Кыргызстандан билим алуусуна, жакшы жумушка орношуусуна каалоолору күч.

ЖАҢЫ МЕДАЛЬ

Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги биринчи жолу көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмер Батыш Салиева атындагы жаңы медаль негиздеди. Ал Исхак Разаков менен биргеликте Кыргыз мамлекеттүүлүгүн негиздеп, социалдык коргоо системасын түзгөн. Ошондуктан аталган медаль анын урматына Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин жогорку ведомстволук сыйлыгы болуп калат. Бул социалдык камсыздоо тармагындагы биринчи жана жалгыз медаль. Аны жылына беш эле адам алат. Атайын жобого ылайык медаль социалдык камсыздоо, гендердик теңчилик, социалдык маселелерди чечүүдө эл аралык кызматташтык жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашырууда олуттуу салым кошкон социалдык чөйрөдөгү ак эмгеги, кайрымдуулук иштери, меценаттыгы, көрсөтүлгөн гуманизм, руханий байлыктын жана кайрымдуулуктун жогорку идеалдарын калыбына келтирүүдө өзгөчө салымы, жан аябастык, эрдик жана кайраттуулук үчүн республикабыздын ардактуу жарандары менен чет өлкөлүктөргө ыйгарылып турмакчы. Батыш Салиева атындагы биринчи медаль Батыш Салиеванын өзүнө ыйгарылып, кызы Роза Салиевага тапшырылды. Анын урматына Түптүн Талды-Суу айылына 150 орунга ылайыкталып Батыш Салиева атындагы балдар бакчасынын ачылышы да жагымдуу маанай тартуулаган иш-чара болуп калды.

Разия ЖООШБАЕВА

Агынан жарылганда

Нургалы АСАНАЛИЕВ:

“Учурда пайдалуу жагын карабай элди козуткандар арбын”

“Баатырдын атын алыстан ук, жанына келсең бир киши” демекчи, “Каганат” коомдук кайрымдуулук фондунун, “Каганат” саясий партиясынын жана Эл аралык илим жана бизнес университетинин негиздөөчүсү, КРнын Куралдуу Күчтөрүнүн запастагы офицери Нургалы Асаналиев жөнүндө оң да, терс да сын-пикирлерди угуп жүргөнбүз. Өзгөчө акыркы жылдары коомчулукта аты көп аталып жаткан Нургалы мырзага капыстан жолугуп калып ачык-айкын маек курдук. Анда бул баарлашууну окурмандарыбыздын элегине салабыз...

“ӨМҮР КӨЧҮ БАЛАЛЫКТАН БАШТАЛАТ”

- “Өмүр көчү балалыктан башталат” демекчи, кепти бала чагымдан баштасам, мен 1976-жылы 22-мартта Жети-Өгүз районундагы Оргочор айылында туулгам. Чоң атам Асаналы Молдосанов 1943-жылы Улуу Ата Мекендик согушта курман болуп, анын сөөгү Брянск облусуна коюлган экен. Андыктан, чоң атама мекенди коргоого сиңирген эмгеги үчүн бир нече жолу СССРдин ордендери жана медалдары ыйгарылган. Чоң энем Зулайка Молдосанова да эл үчүн кызмат кылууга жан үрөп согуш жылдарында “Оргочор” совхозунда Эмгектин отличниги наамына ээ болгон. Атам Сагынбек Асаналиев Оргочордо асыл тукум кой чарбасында чабан болуп, 1987-1988-жылдары 100 койдон 180 козу, ар бир койдон 7 килограмм жүн алган. Ал Совет элинин жыргалчылыгы үчүн адал эмгектенип, Советтер Союзунун ордендерине, медалдарына татыган. Социалисттик Эмгектин Баатыры наамына эки жолу көрсөтүлүп, аталган наамга арзып, 1989-жылы УАЗик автоунаасын белекке алган. Ал эми апам Сакен Абдыкадырова тогуз баланы жарык дүйнөгө алып келип, тарбиялап өстүргөн Баатыр эне. Союз убагында көп балалуу чабандардын балдарын мектеп-интернатка берчү. Андыктан, мен 6-класска чейин Каракол шаарындагы Т.Сатылганов атындагы мектеп-интернатында окудум. Интернаттын жашоосун жакшы билем. Кийин 1993-жылы Бишкектеги А.Осмонов атындагы мектепти аяктадым. Менеджмент адистиги боюнча экономикалык жогорку билимди алып, союз тарагандан тартып бизнес тармагында жүрдүм. 2008-жылга чейин Москвада бизнес менен алектендим.

“ДӨӨЛӨТ СЫДЫКОВДУН ЧЫГЫП КЕТИШИНЕ ЭЧ КАНДАЙ НЕГИЗ ЖОК БОЛЧУ”

- Соңку жылдары интернет желелеринде менин ысымды чуулгандуу окуялар менен байланыштырып жүрүшөт. Коомчулукка манасчы Дөөлөт Сыдыков “Манас айылынын 5 гектар жерин тартып алганы жатат” деп менин, Дамирбек Асылбек уулунун жана Ак үйдүн курулушу боюнча түзүлгөн дирекциясынын жетекчиси Марат Турсунбековдун атын атады. Бул ак үйдүн курулушу мамлекеттик иш болчу. Менин Дамирбек Асылбек уулу менен тааныштыгым жок. Ал эми Марат Турсунбековду тааныгандыктан, аны менен кеңешип, сүйлөшүп турчубуз. Ал киши курулушту көзөмөлдөмөк. “Манас” айылы деле мамлекеттик ишкана. Андыктан, ал Ысык-Көл мейманканасынын жанында жайгашкандыктан, Дөөлөт Сыдыков менен да кеңешип, иш кылалы деген ой бар эле. Ошол себептен Дөөлөткө кезигип, бирок, оюубуз бир жерден чыккан жок. “Манас” айылы боюнча бир долбоорду көрсөттү. Ал өтө эле татаал, жалаң кымбат темирден 40 кабаттуу, чоң-чоң аттары менен 40 чорону тизип жасай турган долбоор экен. Мунун темирине эле 150 миллион доллар кетет, иши 50 миллионго барат. Мындайды курулуш шартында салуу мүмкүн эмес. Себеби, жалаң темирден жасалса кымбатка түшөт. Аны айтсам уккусу келбей “баарын өзүм билем, өзүм салам, өзүм башкарам” деди. Ошол айткан долбоору фейсбук баракчаларында көрсөтүлө баштаганда, изилдеп көрсөм, ал КГУСТАнын студентинин курстук иши экен. Тактап айтканда, кыялданып эле, жомоктогудай чийилген долбоор болчу. Ал имараттын долбоору экспертизадан деле өтмөк эмес. Ошондуктан, “Дөөлөт, бул долбоор сынактан өтпөйт, андан көрө ак үйдүн долбоору менен бирге сынак жарыялайлы” десем укпай Ысык-Көл мейманканасы бузула баштаганда ызы-чуу салып, коомчулукту дүрбөттү. Негизинен “Манас” айылы менен жаңы ак үйдү куруу долбооруна катышуу ниетимде бар эле. Кийин баш тартып, азырынча катышпай эле коелу деп чечтик. Аңгыча дирекция да жоюлду. Мен Манасты туу тутуп, манасчылардын касиетине ишенем. Бирок, мен Дөөлөттү Манаска теңебейм. Ал беш манасчыбыздын бири. Анын сыртка чыгып кетишине эч кандай негиз жок болчу. Үйүн тартып алуу же коркутуу деген нерселер болгон эмес. Ал болгону сөзгө келбей койду.

“300 МИҢ ЧАРЧЫ МЕТР ҮЙДҮ САЛЫП, ӨКМӨТКӨ ӨТКӨРМӨКПҮЗ”

- Ал эми Түштүк магистралдагы 16 гектар жер боюнча айтсам, айрым мыктысынган аналитиктер ал жердин баасы абдан кымбат деп чыгышты. Анткен менен ал жерде коммуникация жок. Төрт чарчы жер эмес, жакшы пландаштырып имарат салуу кыйын. Андыктан, тыңгылыктуу деле инвесторлор келбейт. Биз аны эсептеп көрдүк. Жердин шарты жогоруда айткандай болсо да көп кабаттуу үй салса, 300 миң чарчы метр жерге 5-6 миң батир батат экен. Азыркы кымбатчылыкта ашып кетсе, 30 млн доллар пайда түшүшү мүмкүн. Учурда элге турак жай керек. Ошондуктан, ал жерге социалдык кызматкерлерге үй салынса жакшы болмок. Биз 300 миң чарчы метр үйдү салып, өкмөткө өткөрмөкпүз. Батирлерди өкмөт элге, турак жайга муктаждарга ипотекалык компания аркылуу сатып, акчасын чыгарып бермек. 16 гектардан түшкөн киреше жаңы ак үйдү курууга жумшалмак. Ошондо биздин кичинекей шаарыбыз үчүн бул жерге да аябай чоң көлөмдөгү социалдык турак жай курулуп калмак.

“ИНВЕСТОРЛОРГО ТАК КЕЛИШИМ ТҮЗҮҮ ПАЙДАЛУУ”

- Жапаров Садыр Нургожоевичке 2021-жылы кирип ИИМ менен болгон көйгөйүмдү айттым. Ошол жолугушууда “Ысык-Көл” мейманканасынын учурдагы абалы тууралуу да сөз болуп калды. Кийин өз көзүм менен көрүп келүүнү ниеттенип барып “Манас” айылын да, “Ысык-Көл” мейманканасын да көрдүм. Мейманкананын бөлмөлөрү тар, төбөсү жапыз, ыңгайсыз салыныптыр. 15 жылдан бери бузулуп, талкаланып да бүткөн экен. Аны оңдоонун кажети жок эле. Тескерисинче жаңы имарат салуу оңой болчу. Мындан улам, эскини жаңылоонун ордуна жаңы имарат салуу керектигине мен да ынангам. Кийин мамлекеттин имиджи үчүн жаңы ак үй курулса деген жакшы үмүт-тилектер пландала баштаганда Дөөлөт ызылдап, жаман атты кылып, элди дүрбөлөңгө салды.

Ошондой эле, учурда жаңы ак үйдүн курулушу эмнеге кечеңдеп жатканы боюнча элге туура маалымат, түшүндүрүү иштери жетпей жатат. Жаңы имаратты, албетте инвестор курат. Бирок, учурда кандай маселе болбосун анын пайдалуу жагын карабай эле элди козуткан ар кандай терс пикирлерди жаратып чыккандар арбын. Инвестор деген көп. Болгону аларга так келишим түзүү пайдалуу. Себеби, эртең инвестор өз акчасын чыгарышы кажет. Ошол себептен, бүгүнкү күндө андай келишим түзгөнгө мүмкүн болбой турат.

“БАШТАЛГАН ИШТИН АЯГЫ ЖАКШЫ”

- Биздин Чүй мектеп интернатына жардам берүү максатында Билим берүү жана илим министрлиги менен түзгөн келишимибиз бар. Андыктан, былтыр жаңы жылдын алдында Президентке “Урматтуу Садыр Нургожоевич, биз жетим балдарга үй салып берип жатабыз. Сиз дагы барып, жетим балдардын башынан сылап, ал үйдүн пайдубалына ырымдап капсула салып бересиңиз” деп кат жазып, сунуш киргизгенбиз. Ал киши макул болуп, жаңы жылдын алдында балдарга белегин алып, капсула салып берген. Бул 2,5 миң чарчы имарат. Он сегиз батирлүү үй болот. Анын курулуш ишин жазында баштап, азыр эки кабаты бүттү. Жаңы окуу жылына бүтүрүп беребиз дегенбиз. Бирок, азыркы шартка байланыштуу жыл аягына чейин бүтүрөбүз деп убадаладык. Ага жеткирбей эле “Мамлекет башчыга капсула салдырып, аны уят кылды, алдап кетти” деп чыгышты. Ишти көрбөй туруп айткан сындарга айла жок экен. Учурда Кудайга шүгүр, үчүнчү кабатына келип, иш уланып жатат. “Башталган иштин аягы жакшы” демекчи, буйруса үйлөр бүтөөрү менен тапшырабыз. Чүй мектеп интернатында 170 бала билим алышат. Балдар 10 баладан бөлүнүп, бир үй-бүлө, бир тууган болушуп, бир квартирада жашашса бири-бирине күйүмдүү болоор беле деген тилек. Отуз жыл ичинде бул мектеп-интернаттан жогорку билимдүүлөр чыкпаптыр. Мүмкүн жакшы шарт түзүп берсек чыгаан окуучулар да чыгып калаар деген ниеттемин.

“ӨЗ КӨМӨЧҮБҮЗГӨ ӨЗҮБҮЗ КҮЛ ТАРТЫП ИШ АЛЫП БАРУУДАБЫЗ”

- Эл аралык илим жана бизнес университетин түптөгөнүмө 8 жыл болду. Башында 2014-жылы медицинасы жок эле бир тараптуу экономика факультетин ачып 2 жыл иштедик. Кийин 2016-жылы бир индус жигит медициналык факультет кошуп, колледж ачуумду суранды. Макул болуп ачтым. Бизде 250 студентти окутууга шарт бар эле. Тилекке каршы, министрлик 120 баланы окутууга лицензия берди. 170 окутуучуну ишке алдык. Баягы индус бала 120 студентти да чогулта албай койду. Алгачкы жылы 80 студент келди. Кийинки жылы 120 студентке жетти. Мен 170 мугалимдин маянасын өз чөнтөгүмдөн төлөй баштадым. Бир жыл өтпөй Индияда акча алмашып, контрактты төлөй албай калышты. Чет жактан студенттер келгенде ортомчулар көп болот. Экинчи курстун аягында студенттер сабакка келбей дааватка кетип калышты. Ректор акчасын төлөбөсө, сабакка келбесе деп мен көлдө жүргөндө буйрук чыгарып, кыркка жакын студент менен түзүлгөн келишимди бузуп салат. Мен окуу жайды негиздеп бергеним гана болбосо, окуу иштерин ректор, проректор, мугалимдер тейлөөчү. Мага андай чечим пайдасыз эле. Тескерисинче студенттер контрагын төлөп, окуп турушса иш жакшы болмок. Окуудан четтетилген студенттерге ортомчу болгон бир кыргыз жаран жарым жылдан кийин “акчаны алып алып, окуудан четтетип салды” деген таризде арыз жазат. Мени көрө албагандардын чырагына май тамып, коомчулукка терс маалыматтар жайнайт. Мага иш козголот. Бирок, тергөөчү эч кандай кылмыштын негизи жок экенин аныктап, иш жабылаарда прокуратурадан жабылбасын деген талап келет. Ал учурда өзүм да камоону сурандым. Себеби, мен камалбасам ызы-чуу токтомок эмес. Ошентип бир ай камалып, адвокатым котормочунун жардамы менен баягы студенттердин ар биринен маалымат алган. Көрсө, арыз бир бетке орусча жазылып, артына орусча түшүнбөгөн 45 индус балага кол койдуруп алышкан экен. Кийин студенттер арыздын маанисин түшүнбөй эле кол койгонун айтып чыгышты. Студенттер ортомчуларга акча берип, алар окуу жайга төлөбөгөнүн да кошумчалашты. Ошентип иш жабылган. Учурда сапаттуу билим берүү максатында өз көмөчүбүзгө өзүбүз күл тартып иш алып барып жатабыз. Окуу жайыбызга 8 гектар жер карайт. Студенттер төлөгөн акчадан коммуналдык төлөмдөрдү эсептебегенде жер салыгы менен мүлк салыгына жыл сайын үч эсе ашык төлөнөт. Жалпы долбоор боюнча окуу жайыбыз 25 миң студентке ылайыкталган. Негизинен 25 миң студент менен камсыз болгондо гана окуу жай өзүн-өзү багып кете алат.

“ИИМге 12 МИЛЛИОН ДОЛЛАРЛЫК ЖАРДАМ БЕРГЕНБИЗ”

- 2008-жылдары Молдомуса Конгантиевге жолугуп калсак, ИИМдин реконструкциялоо ишине жардам сурады. Он эки млн долларга ИИМдин жаңы имаратын салдык. Анын 7 млн долларына ИИМдин эски имаратын бермек. Калган 5 млн доллары накталай төлөнмөк. 2010-жылы биз салган жаңы имараттын лентасын Убактылуу Өкмөттүн мүчөлөрү кести. Тилекке каршы, бир жылдан кийин мага иш козгоп, бизди куугунтукка алды. Сегиз жыл мени Бакиевге байланыштырып каралашты. Менимче бул карызды бербей коюунун максаты болсо керек. Эмнегедир ал сумма ушул кезге чейин бериле элек. Бул маселени азыркы бийлик да билет. Эми кайрадан бул иш каралып, акыйкат чечим чыгат деген үмүттөмүн.

Шахноза ЖУЗУП кызы

Ош МПУ – ДҮЙШӨНДӨР УЧКАН АЛТЫН УЯ!

А.МЫРСАБЕКОВ АТЫНДАГЫ ОШ МАМ ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (О

ЗУЛУЕВ Бекмурза Бекболотович, ректор, педагогика илимдеринин доктору, профессор

БИЗДИН ТАРЫХ

Кыргызстандын билим берүү тармагынын өнүгүүсүнө өзгөчө салым кошуп, заман менен жарыша өнүгүү жолунда бараткан Ош мамлекеттик педагогикалык университети 1925-жылы Ош педагогикалык техникуму болуп ачылып, түштүктөгү эң алгачкы педагогикалык окуу жай катары негизделген.

Тактап айтсак, 1924-жылы Кара кыргыз автономиялуу областы түзүлгөндөн кийин Бишкек, Ош – Жалал-Абад облустарында атайын 6 айлык, 1 жылдык мугалимдерди даярдоо курстары ачылып, анын базасында Ош – Жалал-Абад педагогикалык техникуму түзүлгөн. Кийинки жылы Ош педагогикалык техникуму 3 жылдык болуп ачылып, республикадагы эң алгачкы окуу жай катары кызмат көрсөтө баштаган. Бул убакта Кыргызстандын кесиптик окуу жайлары өнүгүү жолуна түшүп, миңдеген адистерди даярдоо муктаждыктарын жоюуга дал ушул Ош педагогикалык окуу жайы түздөн-түз салым кошкон.

Эл агартуу айдыңында Ош МПУ төмөнкүдөй баскычтарды басып өтүп, улам жаңыланып, тажрыйбасын, мүмкүнчүлүгүн кеңейтип, бай тарыхты башынан кечирип келе жатат.

- 1925-ж. Ош педагогикалык техникуму
- 1929-ж. Ош – Жалал-Абад техникуму
- 1937-ж. Ош педагогикалык окуу жайы
- 1966-ж. Ош педагогикалык училищасы
- 1994-ж. Ош педагогикалык колледжи
- 1996-ж. Ош жогорку колледжи
- 2002-ж. Ош гуманитардык-педагогикалык институту
- 2021-ж. Ош мамлекеттик педагогикалык университети

Бул аралыкта окуу жайдын билим берүү мейкини бир топ кеңейип, жыл сайын миңдеген адистерди даярдап, өлкөнүн бардык аймактарындагы билим берүү мекемелерин сапаттуу кадрлар менен камсыздай алды.

Ош МПУнун МИССИЯСЫ

Билим берүүдө сапат кепилдигин камсыздоо менен коомдун өнүгүүсүнө салым кошо алган, интеллектуалдык потенциалы жогору, атаандашууга жөндөмдүү, дүйнөлүк деңгээлге интеграцияланган, педагогикалык, социалдык - экономикалык багыттагы жогорку жана орто кесиптик компетенттүү адистерди даярдоо.

Ош МПУ – БҮГҮНКҮ БИЗДИН АРАКЕТ, ЭРТЕҢКИ ЖАРКЫН КЕЛЕЧЕК!

Агартуу айдыңында келечек муундарга заман талабына ылайык билим берүү максаты менен алдыга умтулуп келе жаткан билим ордобуздун ички мазмуну менен сырткы турпаты төп келип, өз милдетин аткарып келет. Окуу жайдын соңку жылдардагы ар тараптуу жетишкендиктеринин натыйжасында институт макамынан “мамлекеттик университет” деген жогорку статуска ээ болушу – жамааттын билим берүүдөгү жоопкерчилигин күчөтүп турса, экинчи жагынан ар бир кызматкер куттуу билим уяда жогорку сыймык менен эмгектенүүгө дем-күч алып, шыктанып турган учуру.

ЫРЫСКЫ ЫРООЛОГОН ЭМГЕК ЖАМААТ

Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин жамааты - коомго умтулуунун арты ийгилик, ынтымактын арты биримдик экендигин далилдей алган куттуу жамаат. Улуу муун баштаган устаттарыбыз, ызаат менен сыйын билген жаш кадрлардан тарта, өзүнө жүктөлгөн милдеттерин так аткарган чарба кызматкерлерине чейин ак пейилден эмгектенип, бири-бирибизге болгон ишенимдин жогору экендиги "ынтымактуу жамааттын ырыскысы түгөнбөйт" деген улуу сөзгө дал келээри анык.

Акыркы жылдары университет өлкөбүздөгү жалпы жогорку билим берүү мекемелеринин арасында зор атаандаштыкка жетишип, коомчулуктун жогору баасына татып отурат. Окуу жай өз миссиясында белгилегендей, коом үчүн компетенттүү кадрларды даярдоодо комплекстүү иш-аракеттерди жасоо менен билим берүү сапарында тездик менен өнүгүү жолунда бара жатканын айгинеледи.

Университетте бүгүн

15 000 студент, 200 магистр, 40 аспирант билим алып жатат.

300дөн ашуун профессордук окутуучулук курам эмгектенсе, анын ичинен 4 илимдин доктору, 40 илимдин кандидаты, 30 магистр, 60 ага окутуучу, 150 окутуучу, 4 спорт чебери, 6 билим берүүнүн мыктысы.

6 факультет, 1 колледж жана Аспирантура жана магистратура бөлүмү ишмердүүлүк жүргүзөт.

ЗАМАНБАП ШАРТТА БИЛИМ БЕРЕБИЗ

Окуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүнүн негизги каражаты болгон материалдык-техникалык базаны чыңдоо иштери тынымсыз аракет менен жаңыланып келет. Даярдалуучу адистиктер, күтүлүүчү натыйжалар тиешелүү каражаттар менен камсыздалып, ар бир адистиктин мүмкүнчүлүктөрүн, коомдогу кызматын өстүрүү үчүн үзгүлтүксүз иштеп жатабыз.

Жалпылап айтканда, учурда заман талабына жооп берген 4 окуу корпусу, 650 орундуу студенттик жатакана, жогорку ылдамдыктагы интернет менен жабдылган компьютердик залдар, электрондук китепкана, виртуалдык лабораториялар, заманбап мультимедиалык каана, видео-проекторлор менен жабдылган лекциялык залдар, окуу залдары, лингофондук кабинеттер, редакциялык басмакана, китепкана, спорттук жана теннистик корттор менен бирге атайын усулдук борборлор кызмат көрсөтүүдө.

ЭЛЕКТРОНДУК БАШКАРУУ ӨЗ НАТЫЙЖАСЫН БЕРДИ

Билим берүүдөгү бардык иш-аракеттер автоматташтырылып, анын алкагында соңку беш жылдан бери студенттер окутуучудан көз карандысыз түрдө АВН порталы аркылуу модулдарын компьютердин жардамында тапшырып, автоматтык түрдө жыйынтык чыгып турат. Ошондой эле ата-энелер өз балдарынын модулдан, экзаменден алган бааларын сайт аркылуу үйдө туруп көрүп маалымат алуу мүмкүнчүлүгү түзүлдү. Мындан тышкары, сабактардын жадыбалы да электрондук тартипке өтүп, студенттер үчүн да, окутуучулар үчүн да жагымдуу шарттар жаралды.

Онлайн билим берүүнү жөнгө салуу жана эффективдүү маалымат жеткирүү үчүн өткөн окуу жылында KelBil тиркемеси ишке киргизилди. Аталган тиркеме университеттин сайтына жайгаштырылып, учурда окутуучулар жана студенттер кызуу пайдалануууда.

Замандын талабы, мезгилдин агымы шарттаган «Бирдиктүү терезе» системасы да ишке ашырылып, санариптештирүү багыты жолго коюлду.

УНИВЕРСИТЕТ – ЭЛ АРАЛЫК РЕЙТИНГДЕ

Окуу жайдын соңку жылдардагы иштеринин маанилүү багыты – көз карандысыз аккредитация процедурасына даярдануу жана рейтингдерге катышуу болуп, билим берүүнү баалоочу бир канча эл аралык агенттиктердин рейтингине катышты.

- 2019-жылы Казакстандын НААР көз карандысыз агенттиги өткөргөн жогорку окуу жайлардын билим берүү программаларын жана багыттары боюнча рейтингинде Педагогикалык билим берүү багыты боюнча II орунду камсыздадык.
- 2020-жылы Казакстандын НААР көз карандысыз агенттиги өткөргөн жогорку окуу жайлардын билим берүү программалары жана багыттары боюнча рейтингинде Педагогикалык билим берүү багыты боюнча V орунду камсыздаган.
- 2021-жылы Казакстандын НААР көз карандысыз агенттиги өткөргөн жогорку окуу жайлардын билим берүү программаларын жана багыттары боюнча рейтингинде Педагогикалык билим берүү багыты боюнча II орунду камсыздады.

Бул иш-чаралардын алкагында 2019-жылы атайын орто кесиптик билим берүү программалары аккредитациядан ийгиликтүү өтүп 5 жылдык сертификатка ээ болсо, 2020-2021-окуу жылында жогорку кесиптик билим берүү программалары аккредитациядан ийгиликүү өтүп, 5-жылдык сертификатка ээ болду.

Ошондой эле университет 2021-жылы институционалдык аккредитациядан да ийгиликтүү өттү.

ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР

Учурдун талабы ушул кадамдарга барууга мажбур да, муктаж да кылууда. Ал эмне? Албетте, бул реалдуу, ачык, заманбап атаандаштыкты жүргүзө алуу жана анын талаптарына туруштук берүү.

МЛЕКЕТТИК
Ш МПУ)

Окуу жай ички жана эл аралык байланышты чыңдоону колго алып, билим берүү майданында негизги атаандаштыкты жүргүзө алды.

Мобилдүүлүк программасы боюнча бир топ иштер жөнгө салынып, анын негизинде 40ка жакын окутуучу жана 60 студент Бишкек шаарындагы Борбордук Азиядагы Америка университетине, Кыргыз улуттук университетине, Казакстандын жана Россиянын бир топ педагогикалык жогорку окуу жайларына тажрыйба алмашуу жана өз билимдерин жогорулатуу максатында барып окуп келишти.

Бул колдоолор менен катар окутуучулардын жана студенттердин дүйнөлүк стандарттын негизинде компетенттүү адис болуп калыптануусу үчүн англис, орус, кытай, түрк, япон жана немец тилдери боюнча акысыз курстар уюштурулуп, анын алкагында студенттерге чет жактарга чыгып окуп, тажрыйба алмашып келүүсүнө мүмкүнчүлүктөр жаралды.

Билим алып жаткан студенттердин эртеңки педагогикалык ишмердүүлүгү жогорку деңгээлде болуусу үчүн өлкөбүздөгү дасыккан, тажрыйбалуу педагогдор, илимпоздор, маданий кызматкерлер, чет өлкөлүк коноктор менен жолугушуулар окуу жай тарабынан жөнгө салынып, максаттуу түрдө ишке ашып жатат. Бул багытта Чехия, Германия, Япония, Кытай, Польша, Америка, Түркия жана Россия өлкөлөрүнөн коноктор келип перспективдүү жолугушууларды, тажрыйба алмашууларды жөнгө салуу менен окуу жайлар аралык кызматтык келишимдер түзүлдү.

УНИКАЛДУУЛУККА АЙЛАНТКАН АР ТАРАПТУУ КОЛДООЛОР

Университет конкреттүү түрдө ар тараптуу өнүгүү пландарын бекитип, анын алкагында окутуучуларды жана студенттерди шыктандыруу максатында өзгөчө мүмкүнчүлүктөрдү жаратты.

Белгилей кетсек, жыл ичинде эң мыкты иш алып барган 15 кызматкерге ден соолугун чыңдоочу санаторияларга жолдомолор уюштурулуп, социалдык жардамга муктаж болгон окутуучуларга “Соцпакет” долбоорунун негизинде жылына төрт мугалимге 50 миң сом өлчөмүндө акчалай жардам берилүүдө.

Илим жаатында докторлук диссертациясын жактаган окумуштууларга 120 миң сом, ал эми илимдин кандидаттыгын коргогон окутуучуга 80 миң сом өлчөмүндө бир жолу берилүүчү акчалай сыйлык ыйгаруу салтка айланган.

Ошондой эле студенттерге стимул катарында жылына жеке ишкер Курсант Сатыбалдиев тарабынан 10 студентке 10 миң сомдон стипендия ыйгарылат.

Олимпиадаларда, республикалык, эл аралык түрдүү сынактарда ийгилик жаратып, окуу жайдын намысын коргогон студенттерге 5 миң сомдон 20 миң сомго чейин сый акы ыйгаруу чечими жолго коюлган. Ошону менен бирге социалдык жардамга муктаж болгон студенттер атайын каттоого алынып, профсоюз комитети тарабынан ар бир студент материалдык жактан камсыздалып келет.

Алдыңкы студенттерибиз жыл сайын республикалык стипендияларга көрсөтүлүп, анын алкагында Президенттик “Үмүт” стипендиясын, коомдук ишмер Аскар Салымбеков тарабынан демилгеленген “Намыс”, “Тирек” стипендияларын ар тараптуу жетишкендигин көрсөтүп келген студенттер алып келүүдө.

Студенттерди шыктандырып, өз алдынча ишмердүүлүгүн колдоо максатында 50 миң сомго чейинки кичи долбоор жазуу сынагы уюштурулуп, жыйынтыгында мыкты деп табылган 3 долбоор университеттин эсебинен каржыланып, натыйжалуу түрдө ишке ашырылып жатат.

Ар бир окуу жылынын жыйынтыгы менен эң мыкты 40 студент тандалып, жайкы эс алууга окуу жайдын атайын эсебинен Кыргызстандын 7 дубанына жана коңшу өлкөлөрдүн тарыхый-маданий жерлерине саякатка жөнөтүү жөрөлгөсү да салтка айланды.

Ош МПУ – ИЙГИЛИКТҮҮ ЭРТЕҢКИГЕ, КЕМЕНГЕРЛҮҮ КЕЛЕЧЕККЕ КАРАЙ

Окуу жайдын 2025-жылга чейинки өнүгүү стратегиясында белгилегендей, беш кабаттуу жаңы окуу имаратынын курулушу учурда кызуу жүрүп, кийинки жылга ишке киргизүү күтүлүүдө. Муну менен катар заманбап үлгүдөгү спорт комплексин куруу пландалган. Университетте үзгүлтүксүз билим берүү жана билим алууну тажрыйба менен бекемдөө максатында даярдалып жаткан болочок агартуучулардын практикасын камсыздап, мыкты кадр болуп калыптануусу үчүн атайын мектеп жана бала бакча куруу иштери пландалууда.

Ош мамлекеттик педагогикалык университети билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу кепилдиги боюнча сунуштарга таянуу менен илимдин, маданияттын, экономиканын, технологиянын жана социалдык чөйрөлөрдүн өнүгүүсүнө активдүү катышып, профессионалдык билим берүү программасын ишке ашырууда.

АСПИРАНТУРА ЖАНА МАГИСТРАТУРА БӨЛҮМҮ

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 29-марттагы №335/1 буйругунун жана Лицензиялоо боюнча Кеңешинин чечиминин негизинде №7-1 протоколуна ылайык педагогикалык 5 багыт боюнча (№D2019-0013) **магистратурага** кабыл алуу жүргүзүлүүдө (окуу мөөнөтү – 2 жыл).

- 550700 - **Педагогика** (профили: башталгыч билим берүүнүн усулу, мектепке чейинки билим берүүнүн усулу) магистр;
- 550100 - **Табигый илимий билим берүү** (профили: биология, химия, география) магистр;
- 550300 - **Филологиялык билим берүү** (профили: кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты, англис тили) магистр;
- 550400 - **Социалдык-экономикалык билим берүү** (профили: тарых) магистр;
- 550200 - **Физика-математикалык билим берүү** (профили: математика, информатика) магистр.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №327 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында илимий педагогикалык жана илимий кадрларды даярдоо жөнүндө” Жобосуна жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 11-октябрь, №1678/1 буйругуна ылайык Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде төмөнкү багыттар боюнча аспирантурага бюджеттик жана келишимдик негизде кабыл алуу жүргүзүлүп келет.

- 13.00.01 – “Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы”;
- 13.00.02 – “Окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (билимдин тармактары жана деңгээли боюнча)”;
- 03.02.14 - “Биологиялык ресурстар”;
- 03.02.01 – “Ботаника”;
- 03.02.04 – “Зоология”;
- 10.01.01 – “Кыргыз адабияты”;
- 10.02.01 – “Кыргыз тили”;
- 02.00.03 – “Органикалык химия”
- 02.00.01 –“Органикалык эмес химия”

ОШ МПУ – ДҮЙШӨНДӨР УЧКАН АЛТЫН УЯ!

Университетте бюджеттик жана келишимдик негизде жогорку жана орто билим берүү үчүн педагогикалык багыттагы бардык адистиктер боюнча кесип ээлери даярдалат.

Билим берүү тармагында өзүнүн кулачын кенен жайып, педагогикалык багыттагы сапаттуу кадрларды даярдоонун очогуна айланган Ош мамлекеттик педагогикалык университети 2022-2023-окуу жылына карата төмөндөгү багыттар боюнча абитуриенттерди кабыл алат.

КЫРГЫЗ-РОССИЯ ФАКУЛЬТЕТИ

550300. Филологиялык билим берүү:
- Кыргыз тили жана адабияты
- Орус тили жана адабияты
- Кытай тили

ГУМАНИТАРДЫК ФАКУЛЬТЕТИ

550300. Филологиялык билим берүү:
- Англис тили

550400. Социалдык-экономикалык билим берүү:
- Тарых

540200. Социалдык иш
531500. Аймак таануу (япон тили)

ТАБИЯТ ТААНУУ ЖАНА ГЕОГРАФИЯ ФАКУЛЬТЕТИ

550100. Табигый-илимий билим берүү:
- Биология
- География
- Химия

ДЕНЕ ТАРБИЯ ФАКУЛЬТЕТИ

532000. Дене тарбия (ЖРТ милдеттүү эмес)

МУЗЫКАЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ФАКУЛЬТЕТИ

550700. Педагогика:
- Мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы жана усулу
- Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана усулу

550600. Көркөм билим берүү, (музыка) (ЖРТ милдеттүү эмес)
530300. Психология

МАТЕМАТИКА ЖАНА КОМПЬЮТЕРДИК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ФАКУЛЬТЕТИ

550200. Физикалык-математикалык билим берүү:
- Математика
- Информатика

КОЛЛЕДЖ

050709. Башталгыч класстарда окутуу
050704. Мектепке чейинки билим берүү
050720. Дене тарбия
040101. Социалдык иш
050303. Чет тили
050720. Котормо иши
032002. Башкарууну документтик камсыздоо жана архив жүргүзүү
230108. Компьютердик системалар жана комплекстер (тармактар боюнча)
080106. Финансы (тармактар боюнча)

Жогорку билим (бакалавр) үчүн окуу мөөнөтү:
- *күндүзгү окуу үчүн - 4 жыл;*
- *сырттан окуу үчүн – 5 жыл.*

Атайын орто кесиптик билим үчүн окуу мөөнөтү:
- *11-класстын базасында - 1 жыл 10 ай*
- *9-класстын базасында - 2 жыл 10 ай*
- *11-класстын (сырттан) базасында - 2 жыл 6 ай*

КЕРЕКТЕЛҮҮЧҮ ДОКУМЕНТТЕР:
- ✓ *Абитуриенттин арызы;*
- ✓ *АТТЕСТАТ же ДИПЛОМ (түп нускасы);*
- ✓ *ЖРТнын сертификаты;*
- ✓ *3 х 4 өлчөмүндөгү 6 даана сүрөт;*
- ✓ *Паспорт же туулгандыгы жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү;*
- ✓ *Аскердик билеттин же каттоо күбөлүгүнүн көчүрмөсү.*

БИЗДИН ДАРЕК:
Ош шаары, Н.Исанов көчөсү, 73,
Кабыл алуу комиссиясы 120-каб.,
Телефон: (03222)4-35-30
Сайт: www.oshmpu.kg
E-mail: took_09-833@mail.ru

(0779) 98-00-88, (0554) 50-92-52,
(0778) 49-46-87, (0706) 54-23-25

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Учур көйгөйү

Айыл чарба адиси Манас САМАТОВ:

“ЖЕР САЛЫГЫН КАЙРА КИРГИЗҮҮ КЕРЕК”

Быйыл айыл чарба тармагына жылдагыдан көбүрөк көңүл бурулууда. Ирригациялык системалар жаңыланып, каналдарды тазалоо иштери жүрүп, фермер, дыйкандарга ири суммадагы жеңилдетилген насыялар да берилүүдө. Бирок, Президент Садыр Жапаров 14-июлда, Министрлер Кабинетинин жыйынында айыл чарба министри Аскарбек Жаныбековго бул тармакта 2021-жылдын ушул мезгили менен салыштырганда аткаруу тартиби 1,9 пайызга начарлаганын айтып, ири сумма бөлүнүп жатса да өсүш эки пайызга гана жеткендигин сынга алды.
Негизи эле Кыргызстан агрардык өлкө аталганы менен эгемен өлкө катары өз алдынча жашай баштагандан тарта тармактагы реформалар өз жыйынтыгын бербей келет. Биз бул маселе тууралуу айыл чарба адиси Манас Саматов менен баарлаштык.

- Манас мырза, акыркы 30 жылда айыл чарбасын өнүктүрүп, жолго салуу үчүн көп аракет жасалгандагына карабай жылыш аз болуп жаткандыгын билесиз. Эмне үчүн иш-аракеттер өз жемишин бербей жатат деп ойлойсуз?

- Алдыга озуп чыккан фермерлердин ишин министрликтин иши катары көрсөтүп, чыныгы көйгөйлөргө көңүл бурулбай келген саясаттын жемиши деп түшүнөм. Буга чейин айыл чарба тармагында реформалардын жыйынтыгы жакшы болгон жок. Дегеле тармакта олуттуу реформа боло элек. Айыл чарба тармагынын дареметин толук ачыш үчүн, чечкиндүү кадамдарга барып, айрым мыйзамдарды кабыл алышыбыз зарыл. Мен Кыргызстанда башталган алгачкы реформалардын катасына токтоло кетейин. Эгемендүүлүк алган жылдары малды жана жерди бөлүштүрүү саясаты жүргөн. Ошол бөлүштүрүүнүн формуласы келечекти көздөгөн эмес. Биринчи реформанын формуласы советтик түшүнүк менен жасалып, тең бөлүштүрүүгө басым жасалган. Мал, жер тааныш-билиштерге таркатылып кеткен. Иш жүзүндө айыл чарбасы менен алектенгендер анда салыктан бошотулуп калышкан. Маселе мына ушул жерде жатат. Салыктын көрсөткүчүн башынан эле бир калыпка салып алуу керек болчу. Малды бөлүштүрүп алгандар туягына жараша салык төлөшү керек эле. Бул мамлекеттүүлүктүн биринчи белгилеринин бири. Мамлекет менен элдин ортосунда салык мамилеси гана бар. Башка кандай таасир болушу мүмкүн? Ошол каталар бүгүнкү күнгө чейин жоюлбай келет. Ал аз келгенсип быйыл жерге болгон салык таптакыр алынып салынды. Бул түп тамыры менен туура эмес чечим. Мындай саясат тармактын талкаланышына алып келет. Эгер жер салыгы кескин түрдө жогоруласа байлар ээлеп жаткан жерлерин сатканга мажбур болушат эле. Алар азыр же жерди жакшы иштетишпей, же бирөөгө бербей кармап жатышат. Себеби, салык төлөбөйт. Жоопкерчилик, милдет да жок. Эмне болсо болсун дегендей жата беришет. Салык жогоруласа, эл да “кой ушул жерге салык төлөдүм эле жакшы иштетейин”- деп аракет жасайт.

- Салык төлөө маселеси көйгөйдү чече алабы?

- Жаңылбасам мурда 1 гектар жерге болгон салык 165 сомдон 400 сомго чейин экен. Бул ошол жерден алынган кирешени эске алганда болбогон акча. Ошол салык да жоюлуп калды. Албетте бул дыйкан, фермерлерди колдоо катары кабылданды. Иш жүзүндө бул чечим байлардын кызыкчылыгын көздөп калган. Салык төлөбөгөн адам мамлекет алдында өзүнүн жоопкерчилигин билбейт. Айрыкча жерди ээлеп жаткан байларга бул майдай жагат.

- Ишинен жыйынтык чыкпады деп эле жетекчилерди алмаштыра беребиз. Ушул тармактын өсүп-өнүгүшүнө министрлик кызматтын канчалык деңгээлде таасири бар?

- Кыргызда “миң кошчуга бир башчы”,- деген сөз бар. 100 пайыз көз каранды болбосо да 99 пайыз иш ошол кызмат орунда отурган адистен көз каранды. Жер менчикте болсо, Айыл чарба министрлигинин эмне кереги бар деп көп айтышат. Бирок, башкаруу, элге керектүү багытты көрсөтүү дал ушул министрликтин мойнунда.

Бардык өндүрүштүн максаты кирешe табуу эмеспи. Кирешe жок жерде өндүрүш болбойт. Эми ошол эле айыл тургундарынын кирешеси жок болсо, демек ал үй-бүлө жакшы жашай албайт. Айылдагы элдин кенен короо жайы бар. Бирок, жер иштетүүнү колго албастан миграцияга чыгып кеткен. Убагында министрлик элге багыт берүү саясатын жакшы жүргүзгөндө миграция мынчалык күчөмөк эмес. Мына азыр гана “эл эмгегин жер жебей” тургандыгын, кирешени айылдан эле тапса боло тургандыгын түшүнүп башташты.

- Быйыл ички базарларда гилас кымбат болду. Сатуучулар экспортко чыккандыгы үчүн кымбаттап кетти деп түшүндүрүштү. Эмне үчүн экспортко чыккан жер-жемиш өлкө ичинде дароо кымбаттап кетет. Ички рынокту көзөмөлгө алса болобу?

- Элибиздин бир жаман адаты бар. Баары арзан болсо деп самашат. Бирок, дыйкандын эмгегин да баалап коюшуңуздар керек да. Эмне үчүн ал көп эмгек кылып сизге арзан жер-жемиш алып бериши керек. Сөзсүз алардын баалары мезгилге жараша өзгөрүп турушу маанилүү.

- Быйыл кулпунайды базардан издесек кымбат же жок. Бул жемиш да экспортко чыккандыгы үчүн кымбаттап кетиптир. Өлкө жарандары үчүн кулпунай жеткиликтүү болгон жок. Мен ушундай көрүнүш тууралуу айтып жатам...

- Ички өндүрүштө өнүгүү болгондо атаандаштык башталат. Ошол атаандаштыктын негизинде баалар арзандайт. Ошол эле мезгилде экспорттоо даремети да жогорулайт. Экспорт дайыма керек. Бул үйдүн кожоюну сыртка чыгып, үйгө киреше алып келгендей эле көрүнүш менен барабар. Бирок, эң жакшы кардар- ички кардар. Андыктан, мыкты сапаттагы жер-жемиштер, жашылчалар, эт алгач биздин базарда болушу керек. Ички керектөө толук камсыздалгандан кийин гана экспортко чыгаруу зарылчылыгы келип чыгат. Ал эми бизде импорт күч алган. Биз башка мамлекеттин фермерлерин багып жатабыз. Сырттан жер-жемиш ташыган дүң базарда иштеген ишкерлер кымбатчылыкты сырттан алып келип коюшту. Сизге бир мисал айтып берейин. 2015-жылы биздин фермерлер кызылчаны айдабай коюшкан. Анткени кирешеси аз болгон. Бирок, ошого карабай кыргыз ишкерлери талкаланып кеткен “Кайыңды Кант” заводун ишке киргизишип, каражатын күздө бересиң деп, элге бекер үрөн таратып, кызылча айдоону жолго коюшкан. Ошондо 2016-жылы 4,5 миң гектар жерге кызылча айдалган. 2017-жылы 12 миң гектарга айдалды. 2018-жылы 18 миң гектарга кызылча айдалды. Кандай өсүш болгонун байкап жатасызбы? Бирок, ушундай өсүшкө карабай, ошол эле жылы бийликтегилер сырттан 18 миң тонна кумшекер алып киришкен. Кызылча айдаган дыйкандар банкрот болгон. Автоматтык түрдө кумшекерге болгон баа көтөрүлүп кеткен. Мына туура эмес саясаттын арты менен кайрадан кызылча айдалган аянттарыбыз кескин түрдө кыскарган.

- Президент Садыр Жапаров айыл чарба министрине Суу кодекси менен Жер кодексинин жаңы редакциялары 1-ноябрга чейин иштелип бүтсүн деген тапшырма берди. Сиз бул кодекстке кандай өзгөртүүлөрдү киргизүү керек деп ойлойсуз?

- Кодекстерди баштан аяк өзгөртүп чыгуу зарыл. Айрыкча №309 токтомдун жана жайыттарга тиешелүү маселелерин кылдат иштелишин каалайт элем. Жерди ижарага бергенди токтотуу керек. Анткени ижарага алган адам болушунча иштетип, күчүн алып туруп, таштап кетет экен. Ал жердин кийинки тагдыры ижарачыны кызыктырбайт.

- Президент министрге аткаруучулук тартипти бекемдөөнү тапшырды. Айыл чарбасындагы аткаруучулук тартиптин мааниси өтө жогору болсо керек?

- Албетте, канчалык тапшырма берилбесин аны аткаруу начар болсо жылыш болбойт. Ал эми тапшырманы кадрлар аткарат. Бизде 30 жылда кызматтар жакындарга, кудаларга, жээндерге жана башка ушул сыяктуу тууган-туушкандарга берилип, адистер сыртта калып келишкен. Биздин эл дагы министрликке жардам бериши керек. Мен кечээ суу бөлүштүргөн жерге барып, куурдун бир шайманынын уурдалганын көрүп капа болдум. Кыйраткыч эл экенбиз.

-Министрликтин кетирген кемчиликтерин айтып жатабыз. Ал эми дыйкандардын ишине кандай баа бересиз?

- Айылдагы дыйкандардын деңгээли чиновниктерге караганда бир топ жогору. Иш билгилиги, адамгерчилиги жагынан да. Бирок, аларга жалпы маалымат жетишсиз. Мисалы, жеңилдетилген насыялар боюнча маалыматы аз.

- Айыл чарба өндүрүшүнө климаттык шарттар таасир берип, айрым учурда дыйкандар чыгашага учурап калып жатышат. Аны алдын алууга болобу?

- Айыл чарба өндүрүшүндө цикл бар. Төрт жылда бир түшүмдүү жыл болот же кургакчылык болот. Климаттык өзгөрүүлөргө карабай, азыр дүйнөдө айыл чарба өнүгүү жолуна түшкөн. Болгону аракет керек. Чыныгы тажрыйбалуу дыйкан жаратылыш кырсыктарынан башка болуп жаткан өзгөрүүлөргө туруштук бере алат деп ойлойм.

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ АЛАМҮДҮН, АКСЫ, НООКАТ, СҮЛҮКТҮ, КАДАМЖАЙ, НАРЫН ШААРДЫК, ЖУМГАЛ, НАРЫН, ЫСЫК-КӨЛ, КАРАКОЛ, ТОҢ ЖАНА АК-СУУ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

«Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесине ылайык Аламүдүн, Аксы, Ноокат, Сүлүктү, Кадамжай, Нарын шаардык, Жумгал, Нарын, Ысык-Көл, Каракол, Тоң жана Ак-Суу аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жана бош калган мандаттарды Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттыгына талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдерди кабыл алышкан.

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесине жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Аламүдүн, Аксы, Ноокат, Сүлүктү, Кадамжай, Нарын шаардык, Жумгал, Нарын, Ысык-Көл, Каракол, Тоң жана Ак-Суу аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча чечимдери 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Аламүдүн, Аксы, Сүлүктү, Кадамжай, Нарын шаардык, Жумгал, Нарын, Ысык-Көл, Каракол, Тоң жана Ак-Суу аймактык шайлоо комиссияларынын бош калган мандаттарды талапкерлерге жана саясий партиялардын катталган тизмесиндеги талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын күбөлүктөрү ушул токтом жарыяланган күндөн тартып анык эмес деп таанылсын.

4. Аламүдүн, Аксы, Сүлүктү, Кадамжай, Нарын шаардык, Жумгал, Нарын, Ысык-Көл, Каракол, Тоң жана Ак-Суу аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын 2-тиркемеге ылайык каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерди тапшырсын.

5. Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

6. Бул токтомдун көчүрмесүү тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жана жергиликтүү кеңештерге жөнөтүлсүн.

7. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Н.Ч.Койчукеевге жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2022-жылдын 15-июлу, №67

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясынын
2022-жылдын 15-июлундагы
№67 токтомунун 1-тиркемеси

Депутаттык ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын тизмеси

№	Жергиликтүү кеңештердин аталыштары	Депутаттык ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Ф.А.А.	Ыйгарым укугунун токтотулушунун себеби	Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы
Чүй облусу				
Аламүдүн району				
1.	Төмөнкү-Аларча айылдык	Сооронкулов Мелисбек Сейдимухамбетович	Өз арызы	№12, 30.06.2022-ж.
Жалал-Абад облусу				
Аксы району				
2.	Кош-Дөбө айылдык	Солтонкулова Райма Асановна	Каза болуп калгандыгына байланыштуу	№9, 29.06.2022-ж.
Ош облусу				
Ноокат району				
3.	Төөлөс айылдык	Батырова Арзыкан Шарабидиновна	Өз арызы	№4, 02.07.2022-ж.
Баткен облусу				
Сүлүктү шаары				
4.	Сүлүктү шаардык	Аширов Иманбек Дооронович (№5) («Өнүгүү-Прогресс» деп. фракциясы)	Өз арызы	№3, 15.06.2022-ж.
Кадамжай району				
5	Айдаркен шаардык	Алиев Мурадил Жолдубаевич (№2) («Ата Журт» деп. фракциясы)	Өз арызы	№16, 04.07.2022-ж.
6		Айтемиров Мурат Камчыбекович (№1) («Жаңы Доор» деп. фракциясы)	Өз арызы	
Нарын облусу				
Нарын шаардык				
7.	Нарын шаардык	Күсөрмамбетова Ырыскүл Эмилбековна (№3) («Улуу Кыргызстан» деп. фракциясы)	Өз арызы	№75, 25.06.2022-ж.
Жумгал району				
8.	Түгөл-Сай айылдык	Жумабек уулу Талгартбек	Өз арызы	№60, 01.07.2022-ж.
Нарын району				
9	Чет-Нура айылдык	Жусубалиева Майрамкүл Токтомамбетовна	Өз арызы	№4, 05.07.2022-ж.
Ысык-Көл облусу				
Ысык-Көл району				
10	Садыр-Аке айылдык	Абдыразакова Салкын Жантаевна	Өз арызы	№5, 04.07.2022-ж.
Каракол шаары				
11.	Каракол шаардык	Мажиюн Фарида Багиевна (№3) («Эмгек» деп. фракциясы)	Өз арызы	№2, 04.07.2022-ж.
12.		Сойкоева Гульзат Кудайбергеновна (№3) («Замандаш» деп. фракциясы)	Өз арызы	
Тоң району				
13.	Тоң айылдык	Жумашев Азат Ургазиевич	Өз арызы	№10, 06.06.2022-ж.
Ак-Суу району				
14.	Кара-Жал айылдык	Бекбо уулу Замирбек	Өз арызы	№9, 07.06.2022-ж.

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясынын
2022-жылдын 15-июлундагы
№67 токтомунун 2-тиркемеси

Жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттары деп таанылган талапкерлердин тизмеси

№	Жергиликтүү кеңештердин аталыштары	Жергиликтүү кеңештин кийинки шайланган депутатынын Ф.А.А.	Иштеген жери,ээлеген кызматы	Бош калган депутаттык мандатты ыйгаруу боюнча АШКнын чечими
Чүй облусу				
Аламүдүн району				
1.	Төмөнкү-Аларча айылдык	Абышкаева Айдай Джумакадыровна	Төмөнкү-Аларча айылынын үй-бүлөлүк тобунун бейтапканасында дарыгер	№12, 30.06.2022-ж.
Жалал-Абад облусу				
Аксы району				
2.	Кош-Дөбө айылдык	Нармырзаев Алтынбек Өмүралиевич	С.Жээнбаев атындагы орто мектеби, директор	№9, 29.06.2022-ж.
Ош облусу				
Ноокат району				
3.	Төөлөс айылдык	№3 шайлоо округу боюнча талапкерлер жок болгондуктан кийинки шайлоого чейин депутаттык мандат бош турат.		
Баткен облусу				
Сүлүктү шаары				
4.	Сүлүктү шаардык	Муминов Асылбек Жаныбаевич (№11) («Өнүгүү-Прогресс» саяс. парт.)	«Ак-Булак көмүр» ЖЧК, башкы эсепчи	№3, 15.06.2022-ж.
Кадамжай району				
5.	Айдаркен шаардык	Тушаев Айдар Жигиталиевич (№4) («Ата Журт » саяс.парт.)	Стоматолог	№17, 04.07.2022-ж.
6.		Хамбаров Руслан Хамдамалиевич (№4) («Жаңы Доор» саяс.парт.)	Жеке ишкер	
Нарын облусу				
Нарын шаары				
7.	Нарын шаардык	Асыпбаева Нуркул Бейшенакунова (№6) («Улуу Кыргызстан» саяс.парт.)	«Ак-Дил» бала бакчасы, директор	№76, 28.06.2022-ж.
Жумгал району				
8.	Түгөл-Сай айылдык	Мамаева Айнур Акылбековна	Орто мектеп, мугалим	№61, 01.07.2022-ж.
Нарын району				
9.	Чет-Нура айылдык	Мамырбеков Асылбек Асантурович	Айылдык клуб, маданият-массалык иш-чараларды уюштуруучу	№4, 05.07.2022-ж.
Ысык-Көл облусу				
Ысык-Көл району				
10.	Садыр-Аке айылдык	Мамытова Гульзат Исраиловна	Почта бөлүмү, кызматкер	№6, 04.07.2022-ж.
Каракол шаары				
11.	Каракол шаардык	Атагельдиева Ибарат Касеновна (№6) («Эмгек» саяс. парт.)	Төрөт үйүнүн жетекчиси	№2, 04.07.2022-ж.
12.		Иманалиева Дилнара Малдышевна (№6) («Замандаш» саяс.парт.)	Бала бакчанын директору	
Тоң району				
13.	Тоң айылдык	Атамбаев Талантбек Макенович	Убактылуу иштебейт	№10, 06.06.2022-ж.
Ак-Суу району				
14.	Кара-Жал айылдык	Джумабаева Венера Шаршебаевна	Бала бакчанын жетекчиси	№10, 07.06.2022-ж.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙЫЛ ЧАРБА МИНИСТРЛИГИ КООМЧУЛУКТУ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ИНВЕСТИЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ (АРИС) АГРОБИЗНЕСТИН АТААНДАШТЫККА ЖӨНДӨМДҮҮЛҮК БОРБОРУ (ААЖБ)

НАТЫЙЖАЛУУ ӨНӨКТӨШТҮККӨ КАТЫШУУГА ЧАКЫРУ

Агробизнестин атаандаштыкка жарактуулук борбору (ААЖБ) фермердик чарбаларды, айыл чарбалык кооперативдерди, тамак-аш жана кайра иштетүү ишканаларын, соода-логистикалык борборлорду Кошумча нарк удаалаштыгын (КНУ) өнүктүрүү боюнча Натыйжалуу өнөктөштүк түзүүнүн алкагында лидердин ролуна талапкерлерди баштапкы ачык тандоо сынагына катышууга чакырат.

Арыздарды кабыл ала баштоочу дата жана убактысы **2022-жылдын 19-июлу (саат 10.00дөн баштап).**

Арыздарды кабыл алуу бүтүүчү дата жана убактысы: **2022-жылдын 19-августу (саат 17.00гө чейин).**

Долбоор жана 2-компонент жөнүндө жалпы маалымат (Натыйжалуу өнөктөштүк)

Дүйнөлүк банктын “Экономикадагы региондук өнүгүү” долбоору (ЭРӨД). Долбоордун өнүктүрүү максаты - Ош облусунун жана Ош шаарынын тандалган секторлорунда максаттуу көмөктөшүү жолу менен Алуучуга региондун экономикалык өнүгүүсүнө жардамдашууну көздейт.

